# МУНИЦИПАЛИТЕТ

спецвыпуск

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ОКТЯБРЬ **2014** | **№ 10 (35)** чыгарылышы

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Техникалык редактор
***Айганыш Качаганова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

ISBN 1694-7053


## Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## МАЗМУНУ:


**Колдонулган кыскартуулар . . . . . . . 2**

**Күндүн темасы 2**

Жергиликтүү демилге – жамааттардын мүмкүнчүлүктөрүнүн чексиз булагы. . . 3

**Мектепке чейинки билим**

Бала бакча – мектепке чейинки балдардын тарбиясы жана билим берүүсү үчүн гана эмес, алардын коопсуздугу үчүн да жамааттардын камкордугу. Көйгөйдүн жалпы сүрөттөлүшү. . . . . . . 7

*Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районундагы Бешик-Жон АА.*
Келечекке кадам бала бакчадан башталат . . . . . . . 8

*Жалал-Абад облусунун Токтогул районундагы Жаңы-Жол АА.*
Туура тамактануу – дени сак бала . . . . . . . 9

*Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Жерге-Тал АА.*
Аялдарга жана үй-бүлөгө жардамга келген бала бакча . . . . . . . 10

*Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Ивановка АА*
Балдарыбыздын кубанычы жана күлкүсү . . . . . . . 11

*Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Каргалык АА.*
Чет-Булак айылында үйдү бала бакчага беришти . . . . . . . 12

*Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Ленин АА.*
Бала бакча – туш тараптан салым . . . . . . . 14

*Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы Биринчи май АА.*
Балдарга камкордук – ар бир жоопкерчиликтүү адамдын милдети. . . . . 14

*Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Тогуз-Булак АА.*
Жамаат – бул айылды өнүктүрүүдө күч, ал эми аны мектепке чейинки билим берүүдөн баштаса болот . . . . . . . 15

**Мектеп**

*Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Сары-Булуң АА.*
Орто мектептин чатырын оңдоо . . . . . . . 16

**Калктын саламаттыгы**

*Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Барпы АА.*
Чакан футбол талаасын жарыктандыруу . . . . . . . 17

*Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районундагы Кеңеш АА*
Дени сак улут – ден соолугу чың коом . . . . . . . 18

*Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Чоң-Сары-Ой АА*
Айылда заманбап ФАПтын курулушу . . . . . . . 19

### Маалымат алмашуусу

*Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Болот Мамбетов АА.*
Ишенимдүү маалымат – бул калк үчүн сапаттуу кызмат көрсөтүү . . . . . . 20

*Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Көк-Ирим АА.*
Айылым тууралуу жаңылыктар ай сайын жарыкка чыгып турат . . . . . . . 21

*Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Төрт-Күл АА.*
Мектеп бюджетинин ачык-айкындуулугу жамааттын ишенимин бекемдейт . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 22

### Маданият

*Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Тогуз-Торо АА.*
Электрондук китепкананы түзүү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 23

*Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Тору-Айгыр АА.*
Куурчак театры: балдарыбыз үчүн мыкты келечек . . . . . . . . . . . . . . . . . 25

### Инфраструктура

*Ысык-Көл облусунун Аксуу районундагы Ак-Чий АА.*
Арыктарды ашар жолу менен оңдоо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 26

*Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Арал АА.*
Калктын турмуш шартын жакшыртуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 27

*Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Багыш АА.*
Чечим жолунда артыкчылыктуу маселелер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 28

*Жалал-Абад облусунун Токтогул районундагы Бел-Алды АА.*
Айылда жаштардын сейил багы – эс алуу үчүн ыңгайлуу жер . . . . . . . . . 29

*Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Бостери АА.*
Жакшы жолдор – көптөгөн көйгөйлөрдү чечүүнүн жолу . . . . . . . . . . . . . . 30

*Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Жаңы-Жол АА.*
Кара-Булуң насос станциясынын курулушу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 32

*Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Кумбел АА.*
Айылдагы көрүстөндөрдүн тегерегин курчоо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 33

*Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Липенка АА.*
Сугат суу – элеттик дыйкандар үчүн жашоо булагы . . . . . . . . . . . . . . . . 35

*Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Улахол АА.*
Кара суу айылындагы көпүрөнүн ремонту . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 36

## Колдонулган кыскартуулар

| | |
|---|---|
| АА – | айылдык аймак. |
| АК – | айылдык кеңеш. |
| АО – | айыл өкмөтү. |
| АЭС – | аскер-эсеп столу. |
| ДТ – | демилгелүү топ, кайсы бир маселени чечүү үчүн бириккен жарандардын тобу. |
| ЖД – | жергиликтүү демилге. |
| ЖӨБ – | жергиликтүү өз алдынча башкаруу. |
| БӨУ – | бейөкмөт уюм. |
| ЖӨБО – | жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары. |
| КБ – | коомдук бирикме. |
| ЭҮЖӨБОЖ Долбоору – | Швейцария Өкмөтү жана Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги каржылаган, Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору. |
| ЭКБА – | элет көйгөйлөрүн биргелешип аныктоо, иш-чаралардын комплекси. |

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕМИЛГЕ – жамааттардын мүмкүнчүлүктөрүнүн чексиз булагы



**Сабина ГРАДВАЛЬ**,
“Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун жетекчисинин орун басары

**“Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун “Жергиликтүү демилге” аттуу жыл сайын өткөрүлүп турчу үчүнчү сынактын жыйынтыктары чыгарылды. Анын арты менен бүгүн баарыбыз Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы элеттик муниципалитеттердин жергиликтүү жана ошол жерлердеги жамааттары үчүн өтө маанилүү маселелерди чечүүдө алардын тажрыйбасы менен таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук. “Жергиликтүү демилге” сынагынын максаты:**

**1) калктын жамааттын жашоосуна жана жеринде чечимдерди кабыл алуу процессине дагы да жигердүү аралашуусуна дем берүү;**

**2) жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү демилгелерди ишке ашыруу боюнча өзгөчө ийгиликтүү мисалдарды шыктандыруу жана алар тууралуу маалыматты жайылтуу максатында аларды аныктоо;**

**3) Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттар менен өнөктөштүктө жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн иш усулдарын жана жаңы ыкмаларын колдонууга көмөктөшүү.**

## Жергиликтүү демилге – 2014

Бул жылы Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржылаган Долбоорду ишке ашырган Өнүктүрүү саясат институту үч облустун 12 районундагы 38 айылдык аймактын өкүлдөрүнөн 74 табыштама алды. Ошону менен бирге 60% Жалал-Абад облусундагы муниципалитеттерден, 39% Ысык-Көл облусунан жана 1% Чүй облусунан түштү. Табыштамаларды эң көп жибергендер: Тоң районунан – 29 табыштама, Тогуз-Торо району – 16 табыштама, Аксы району – 8 табыштама жана Ысык-Көл району – 7 табыштама.


Бир катар муниципалитеттердин өкүлдөрү бирден ашуун маселени чечүү боюнча өз тажрыйбаларын айтып берсе, айрымдары үч, төрт, атүгүл беш табыштамага чейин жөнөтүштү.

2014-жылы эң көп мектепке чейинки жана мектептеги билим берүү үчүн шарттарды уюштуруу маселелерин чечүү боюнча мисалдар сүрөттөлдү. Аларга көрктөндүрүү маселелери гана атаандаштыкты түздү.

Бул жылы табыштамалардын айырмалуу белгиси төмөнкүдөй болду: көп учурда авторлор ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамааттар, анын ичинде жарандык коом уюмдары менен өнөктөштүктө алып барган иштери тууралуу айтып беришти. Бирок жөн гана иштер тууралуу эмес, азырынча көптөр үчүн жаңы болгон натыйжа үчүн иштөө тажрыйбасы – калктын чыныгы керектөөлөрүн канааттандыруу, ЖӨБ органдары жашоочулар арасында керектөөлөрдү изилдегени жана андан кийин дал ушул жергиликтүү жамаат көрсөткөн багытта иш алып барганы, б.а., артыкчылыктуу маселелерди чечкени жөнүндө баяндап беришти. Бул мисалдардын баары төмөнкүлөргө негизделген:

- жергиликтүү жамааттын ЖӨБ органдары уюштурган жана өткөргөн коомдук иш-чараларга катышуусуна;
- коомдук иш-чаралардагы талкууларга жигердүү катышуусуна;
- ЖӨБ органдары жергиликтүү жамаат үчүн артыкчылыктуу маселелерди чечүүдө жон териси менен сезип жаткан жана сезиши мүмкүн кыйынчылыктарды биргелешип чечүүнүн жолдорун талкуулоого жана сунуштоого даярдыгын билдирген муниципалитет жашоочуларынын кайдыгер эмес мамилесине;
- жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө калктын эркин жана жигердүү катышуусу үчүн шарттарды түзүүгө умтулган ЖӨБ органдарынын жаңы көндүмдөрүнө;
- жергиликтүү бюджеттерди толтуруу үчүн пайда болуп жаткан жаңы мүмкүнчүлүктөргө;

***Жергиликтүү демилгенин 3 жана андан ашык мисалын жиберген аймактардан табыштамалардын саны***




- жергиликтүү жамаатка эң жакын болгон бийликтин жашоо үчүн жакшы шарттарды түзүү, суроолорго жана керектөөлөргө жооп берүү каалоосуна;
- көптөрдүн маселелерди чечүү жана аларды аткаруу үчүн жоопкерчилигин бөлүүгө даярдыгына жана аны ишке ашыра алганына.

## "Жергиликтүү демилге – 2014" Сынагынын жеңүүчүлөрү

2014-жылдын 3-сентябрында курамына Өнүктүрүү саясат институтунун, "Ачык бюджет үчүн" альянсынын, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этникалык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин, "Айыл демилгеси" КБнын жана "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун өкүлдөрү кирген сынактык комиссия баалоонун негизинде "Жергиликтүү демилге" сынагынын жыйынтыгын чыгарып, төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алды.

"Жергиликтүү демилге" сынагынын жеңүүчүлөрү деп төмөнкү табыштамаларды таануу:

- 1-орун – Жалал-Абад облусунун Көк-Ирим ААнын "Айылымдагы жаңылыктар ай сайын жарыкка чыгып турат" (арыз ээси – Паризат НАЙМАНОВА, айыл өкмөттүн кирешелер боюнча адиси), байге – 150 000 сом.
- 2-орун – "Айылдагы заманбап ФАПтын курулушу", (арыз ээси – Нурадин УЗБЕКОВ, ФАПтын жетекчиси), Ысык-Көл облусунун Чоң-Сары-Ой АА, байге – 100 000 сом.
- 3-орун – "Балдарга камкордук – ар бир адамдын милдети" (арыз ээси – Асылкан ИМАНОВА, "Жаш-Тилек" бала бакчасынын жетекчиси), Жалал-Абад облусунун Биринчи май АА, байге – 70 000 сом.

Жергиликтүү демилгелерди белгилеп, төмөнкү 23 табыштамага 15 000 сомго чейинки көлөмдө шыктандыруучу байгелер ыйгарылсын:

- "Чет-Булак айылында үйдү бала бакчага бериштi", Каргалык АА, Тогуз-Торо району;
- "Туура тамактануу – дени сак бала", Жаңы-Жол АА, Токтогул району;
- "Келечекке кадам бала бакчадан башталат", Бешик-Жон АА, Базар-Коргон району;
- "Жамаат – бул айылды өнүктүрүүдө күч, ал эми аны мектепке чейинки билим берүүдөн баштаса болот" Тогуз-Булак АА, Түп району;
- "Сугат суу – элеттик дыйкандар үчүн жашоо булагы", Липенка АА, Жети-Өгүз району;
- "Чакан футбол талаасын жарыктандыруу", Барпы АА, Сузак району;
- "Балдарыбыздын кубанычы жана күлкүсү", Ивановка АА, Ысык-Ата району;
- "Чечим кабыл алуу жолунда артыкчылыктуу маселелер", Багыш АА, Сузак району;
- "Бала бакча – туш тараптан салым", Ленин АА, Сузак району;
- "Кара-Суу айылындагы көпүрөнүн ремонту", Улахол АА, Тоң району;
- "Калктын жашоо шартын жакшыртуу" – Арал АА, Түп району;
- "Куурчак театры: балдарыбыз үчүн мыкты келечек", Тору-Айгыр АА, Ысык-Көл району;
- "Ишенимдүү маалымат – калк үчүн сапаттуу кызмат көрсөтүү", Болот Мамбетов АА, Тоң району;
- "Жакшы жолдор – көптөгөн көйгөйлөрдү чечүүнүн жолу", Бостери АА, Ысык-Көл району;
- "Айылда көрүстөндөрдүн тегерегин курчоо", Кумбел АА, Ысык-Көл району;
- "Дени сак улут – ден соолугу бекем коом", Кеңеш АА, Базар-Коргон району;
- "Айылдагы жаштардын сейил багы – эс алуу үчүн ыңгайлуу жер", Бел-Алды АА, Токтогул району;
- "Ашар жолу менен арыктарды оңдоо", Ак-Чий АА, Ак-Суу району;
- "Электрондук китепкананы эмеректер менен жабдуу", Тогуз-Торо АА, Тогуз-Торо району;
- "Электрондук китепкананы түзүү", Жерге-Тал АА, Аксы району;
- "Орто мектептин чатырын оңдоо", Сары-Булуң АА, Тогуз-Торо району;
- "Кара-Булуң насос станциясынын курулушу", Жаңы-Жол АА, Аксы району;
- "Мектеп бюджетинин ачык-айкындуулугу жа-

***2014-жылдагы жергиликтүү демилгелердин темалары***



мааттын ишенимин бекемдейт, Төрт-Күл АА, Тоң району.

Өнүктүрүү саясат институту сынактын жеңүүчүлөрүн жана лауреаттарын сынакта жеңишти камсыздаган жана өз табыштамаларынын беттеринде бөлүшкөн тажрыйбасынын натыйжаларын жакшыртуу үчүн Долбоордон кошумча мүмкүнчүлүктөрдү алышы менен куттуктайт. Бирок андан да маанилүүсү – сынакты уюштуруу тажрыйбасы Кыргызстанды жарандык коомдун өнүгүүсү, жарандык катышуунун жогорулашы менен куттуктоого негиз берет.

## Жергиликтүү демилгенин тажрыйбасы


“Жергиликтүү демилге” сынагынын натыйжасы айрым жарандардын, алардын топторунун жана бирикмелеринин (жалпы максаттар жана милдеттер менен, же бир тапшырманы аткаруу үчүн бириккен формалдуу да, бейформал да) жергиликтүү актуалдуу маселелерди чечүүгө тартылуу деңгээлинин өсүшүн тастыктайт.

Тажрыйба көрсөткөндөй, демилгелер туш тараптан пайда болот:

- ЖОГОРУ ЖАКТАН ТӨМӨНГӨ КАРАЙ: мында ЖӨБ органдары калктын социалдык жигердүүлүгүнө дем берет, башкаруунун субсидиардык моделин, реформалардын талаптарын кармануу менен, жарандарды жеринде чечим кабыл алууга, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу механизмдеринин дагы да кеңири түрлөрүн колдонот;
- ТӨМӨН ЖАКТАН ЖОГОРУ КАРАЙ: мында калк диалог же наразылык формасында башкаруу органдарына өз керектөөлөрүн жеткирет. Ошону менен бирге белгилүү бир кызыкчылыктардын тегерегинде биригип, мобилдешип, жамаат ичиндеги байланыштарды жөнгө салат.

Бул табигый көрүнүш, анткени тартылгандык процесстин 2 жагын тең камтыйт: тарткандарды жана тартылгандарды. Сынактын концепциясы жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өнөктөштүктө жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө иштин алдыңкы усулдарын жана жаңы ыкмаларын

***“Жергиликтүү демилге” сынагынын катышуучуларынын саны***





колдонууга дем бергенге багытталган, ал эки тарапка тең кошумча мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Диаграмма жергиликтүү демилгелердин “авторлор” курамындагы сапаттуу өзгөрүүлөрдү көрсөтүп турат. Салыштыруу ЖӨБ органдарынын, муниципалдык кызматчылардын (мындайча айтканда “бюджеттегилер”) өздөрү белгилүү бир объекттердин тагдыры, кызмат көрсөтүүлөрдүн шарттары үчүн жоопкерчиликти бөлүшүүгө жергиликтүү жамаатты көбүрөөк тартууга аракет кылып калды деп ырастоого негиз берет. Сүрөттөлгөн демилгелерди ишке ашыруунун катышуучулары бир кыйла көп. Катышуу дегенде биргелешкен иш-чараларды, жумуштарды жана жергиликтүү демилгелерди ишке ашырууну түздөн түз каржылоолорду айтабыз.

Демилгелер бир жолку мүнөзгө ээ эместигин белгилей кетүү маанилүү, анткени көп учурда жергиликтүү демилге – бул активдерди түзүү, кийин жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдүн инфраструктурасына акча кошууну, физикалык абалын колдоп турууга үзгүлтүксүз каржылоону, көбөйтүүнү (адатта болуп келгендей, мисалы, бала бакчаны андан ары кеңейтүү, тазаланган каналдардын узундугун көбөйтүү ж.б.) талап кылат. Дээрлик ар бир ушундай демилге иштеп турууну камсыздоону да талап кылат (тийиштүү кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы: коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, жаңы объекттердин кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө ж.б.). Бул ракурстан алганда ЖӨБ органдарын муниципалитеттердин аймагындагы БАРДЫК демилгелердин катышуучусу деп атаса болот. “Жергиликтүү демилге” сынагы ошондой эле жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өнөктөштүктө жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү каржылоосунда өсүштү

***2013-2014-ж.ж. жергиликтүү демилгенин булактарынын өзгөрүү динамикасы.***






көрсөтүп жатат. Бул болсо жарандардын арыздарына, талаптарына жана сунуштарына жооп катары жергиликтүү жамааттын каражаттарын короткон ЖӨБ органдарынын жоопкерчилик даражасынын өсүшүнүн далили болуп эсептелет.

Муниципалитеттердеги топтолгон тажрыйба жана коомдук мааниге ээ конкреттүү чечилген маселелер ага катышкан жергиликтүү жамааттар үчүн баалуу. Бирок уникалдуу мисалдар өтө сейрек кездеше баштады, көп учурда маселенин чечилишин сүрөттөгөн практикада технологияларды сүрөттөө байкалууда. Технологиялар болсо белгилүү бир шарттар болгон учурда гана иштей алат:

- ЖӨБ өкүлдөрүндө ЖДны тартуу, дем берүү каалоосу болгондо;
- жергиликтүү жамаатта ЖДга катышуу, демилге көтөрүп чыгуу каалоосу болгондо;
- ЖӨБОдо ЖДны колдоо боюнча чыныгы мүмкүнчүлүктөрү болгондо (жергиликтүү бюджетте каражаттар жана аны ЖД колдонуу укугу).

## Жергиликтүү демилгенин келечеги

ЖӨБда өз ишинде калктан колдоо табуу, өз ишине оң баа алуу каалоосу албетте бар. Бул каалоодон тышкары ЖӨБ органдарында жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө, жергиликтүү бюджетти талкуулоого катышуусун камсыздоо боюнча милдеттенмеси да бар. Бүгүнкү күндө мыйзамдардын талаптарын жана бул багытта жол-жоболорду күчтөндүрүү тенденциясы байкалат.

Жергиликтүү жамааттын катышуу каалоосу элдин тарыхында да бар. Ар бир кыргызстандык төрөлгөндөн тарта эле "ашар" салты менен тааныш болсо керек. Анын үстүнө эксперттер бүгүнкү күндө Кыргызстанда жарандык коомдун активдүүлүгүн жогору деңгээлде баалашат.

***Жергиликтүү демилгелерди каржылоонун булактары (2013, 2014), %***




ЖӨБ органдарында мүмкүнчүлүктөр да жыл сайын көбөйүүдө, анткени жергиликтүү бюджеттердин киреше булактарынын саны жана көлөмү өсүп жатат. Албетте айылдарда толгон-токой көйгөй бар жана мунун баары жергиликтүү казынадан чыгымдарды, ресурстарды талап кылат. Бирок ЖД тажрыйбасы көрсөткөндөй, дайыма эле акча маселелерди чечкен негизги ресурс эмес. Адамдардын дарамети, бай жана ар тараптуу тажрыйба, жаңы билимдер жана көндүмдөр, жаңы механизмдер талап кылынган болуш керек. Бул ресурстардын маанисин сынактык табыштамаларда гана сүрөттөбөстөн, күн сайын баамдай билген маанилүү.

Бүгүн жарандык катышуу идеясына негизделген жана жергиликтүү жамааттын тартылуусун камсыздаган үч механизм тууралуу баарына кайрадан эскертким келет:

- жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү, буга жараша бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүү боюнча иштерди жасоодо, кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууну пландоодо ЖӨБ органдары үчүн артыкчылыктарды аныктоо аркылуу бюджеттик процесске жарандардын катышуусу;
- социалдык тапшырык ("Муниципалитет" журналын окуңуз, №4 (29) саны, апрель, 2014);
- сынактар.

Кыргызстандын ар бир муниципалитетинде ЖӨБО баалуу байгелерди жана белектерди гана тапшырбастан (бул да баалуу), жергиликтүү бюджеттин каражаттарын өзүнүн Жергиликтүү демилгелерине сарпташсын. Айылдын ар бир жашоочусу кайсы бир күнү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (АӨ же АК) "Өз кичи Мекениңе ИДЕЯНЫ тартуула" аттуу сынак жарыяланганда өз талантын ача алсын; өзүнө жана кошуналарына жардам бере алсын дейли.

***Ар бир адам өзү жашаган муниципалитетти мындан да көрктүү, ал жактагы жашоону дагы да ыңгайлуу кылып, балдарга жана карыларга кубаныч, Мекенге туруктуулук жана бакыт тартуулай алсын.***

# Бала бакча – мектепке чейинки балдардын тарбиясы жана билим берүүсү үчүн гана эмес, алардын коопсуздугу үчүн да жамааттардын камкордугу

## Көйгөйдүн жалпы сүрөттөлүшү

Кыргызстанда элеттик жамааттар жана башкаруу органдары Советтер Союзунан мураска калган мектепке чейинки билим берүү жана тарбия системасын сактап кала алган жок. XX кылымдын 90-жылдар мезгилинде жана 2000-жылдардын башында ондогон, балким жүздөгөн бала бакча менчиктештирилип, башка башкаруу органдарына өткөрүлүп берилип, же жөн гана кароосуз жана талкаланып, ишин токтотуп койду.

Мисалы, Советтер Союзунда Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районундагы Бешик-Жон АА аймагында 45 тарбиячы иштеген жана 280 бала тарбияланган 3 бала бакча бар эле. Эми болсо 50 баланы кабыл алууга жөндөмдүү бир гана бала бакча иштейт. Ал эми аймак боюнча мектепке чейинки балдардын саны 1070ке жетет. Бул болсо мектепке чейинки курактагы балдардын 3% гана билим алып, мектепке даярдана алат дегенди билдирет.

Бал бакча имараты менчиктештирилген 20 жылдан ашык убакыттан бери Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Каргалык айылдык аймагынын Чет-Булак айылында мектепке чейинки курактагы наристелер бала бакчага баруу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап келишти. Четбулактыктардын бир мууну мектепке чейинки билимден куру калышты.

Узак убакыттан бери Ысык-Көл облусунун Түп районунда болгону эки бала бакча иштечү, болгондо да экөө тең район борборунда эле, ал эми райондун калган айылдарында мектепке чейинки билим берүү жокко эсе эле.

Алгач бул трагедиядай көрүнгөн деле эмес. Анткени ишсиз калган ата-энелер көп убактысын үйдө өткөрүп, балдарга баш-көз болуп, аз да болсо мектепке даярдашчу. Ошондуктан балдар мектепке чейинки билим берүү жагынан алганда артта калгандай көрүнгөн эмес – көптөр элеттик жана шаардык мектептер ортосунда окутуу деңгээли ар башка дегендей мамиле жасачу.

Анткен менен көп өтпөй бул көйгөй эбегейсиз чоң көлөмгө жетип, анын кесепеттери өзүнчө жамааттардын жана муниципалитеттердин чегинен чыгып кетти. Балдардын жаш ата-энелери алардан башка эч ким балдарын да, үйдөгү кары-картаңдарды да бакпай турганына көздөрү жетти. Анткени мамлекет социалдык коргоо милдеттерин аткара алган жок, ал эми жөлөк пулдун жана пенсиянын көлөмү эң төмөнкү чекке да жетпей калды. Тандоо жолу көп эмес эле – же социалдык жана физикалык өнүгүп-өсүүнү унутуп, жакырчылыктын сазына батуу, же болбосо айылдын, атүгүлдүн өлкөнүн тышында иш издөөгө аракет жасоо. Натыйжада жүздөгөн үй-бүлөлөр ишке жарамдуу жана жан бактылар принциби боюнча бөлүнүп калды. Үй-бүлөнүн ишке жарамдуу мүчөлөрү үй-жайын, жакындарын таштап, өзү менен кошо жогорку класста окуган балдарын ээрчитип, иш издеп кетишти. Ал эми наристелер жана кары-картаңдар үйдө кала беришти. Мына ушул жерде жамаат жана ЖӨБ органдарынын алдына мектепке чейинки билим берүү гана эмес, тарбия, атүгүл мектепке чейинки балдардын коопсуздугу өңдүү көйгөйлөр чыга келди.

Мисалы, ошол эле Бешик-Жон аймагында жашы өтүп калган аялдын колунда үч жаштагы бала калган. Аял үй иштери менен алек болуп жүргөн чакта бала жоголуп кетип, аны табуу аракеттеринен майнап чыккан эмес. Баланын денесин 10 күндөн кийин гана кошунанын кароосуз жаткан машинесинен табышкан. Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Ленин ААда жашоочулар кароосуз калган балдар сууга чөгүп кеткен, денесин күйгүзүп алган же жаракат алган учурлар болгонун айтышат.

Ата-энелер жана чоң ата-чоң энелер балдарды бала бакчага орноштурууга далалат жасашты, бирок ал жакта орун жок болуп чыкты. Мисалы, Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы Биринчи май ААда 90 орунга эсептелген бир гана муниципалдык бала бакча иштейт. Мында мектепке чейинки мекемелердин стандарттарын бузуу менен 135 бала кабыл алынган. Натыйжада балдарга орун жетпейт, түшкө маал алар бир керебетте

эки-экиден укташат. Акыркы жылдары бала бакчаларда балдар аянтчасы жок болуп келди. Демек балдардын өнүгүүсү жана таза абада жигердүү эс алуусу үчүн кадимки шарттар да жок эле.

Бул маселени эч ким тез жана арзан чече албай жатат, анткени мектепке чейинки мекемелерге өтө чоң салым, мектепке чейинки тарбия жана билим берүү өңдүү жеңил эмес процессти уюштурууга күч да, чыгым да көп талап кылынат. ЖӨБ органдары балдардын мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде кошумча орундарды түзүү милдетин өз алдынча аткара албай жатат. Ал эми мамлекет бул маселени жергиликтүү өз алдынча башкаруунун карамагына өткөрүп берүү менен аны чечүү ишинен четтеп кетти. Эмне кылыш керек? Көпчүлүк муниципалитеттер сырттан бирөө келип, бул маселени чечим берет деп күтүп отурбастан өз алдынча аракет жасай башташты. Ошондо жергиликтүү өз алдынча башкаруу да мобилдешип, мурдагы бала бакчаларды кайра калыбына келтирүү жана жаңыларды ачуу үчүн ресурстарды таап берди.

Эми азыр Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы түрдүү муниципалитеттерде бул маселе кантип чечилгенин айтып беребиз. Ар кайсы жамааттарда маселени чечүү жолдору бири-биринен бир аз айырмаланганы менен, бул мисалдардын баарын бир нерсе бириктирет – жамааттар бир маселени артыкчылыктуу деп аныктап, жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы тыгыз кызматташтык болуп, күчтөр бириккенде гана ийгилик мүмкүн экенин баамдагандан кийин гана ушул көйгөй чечиле баштаган. Көп учурда жолдун башаты – жамааттын жергиликтүү демилгеси болуп жатты.

## Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районундагы Бешик-Жон АА

# Келечекке кадам бала бакчадан башталат



### Эмнелер жасалды?

Артыкчылыктуу маселени чечүү үчүн “Билим” демилгелүү тобу түзүлдү. Демилгелүү топтун мүчөлөрү жашоочулар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, бул көйгөйгө коомчулуктун көңүлүн бурушкан. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана элет тургундары жаңы бала бакча куруу идеясын колдоп беришти. АӨ 0,30 гектар жер участогун бөлүп, бардык зарыл болгон документтерди даярдашты: жерге мамлекеттик актыны жана райондук архитектурадан курулушка уруксат документтерин. Андан кийин долбоордук-сметалык документация даярдалып, ага ылайык 75 орундуу бала бакчанын курулуш наркы 6 393 120 сомду түздү. Каражат түрдүү булактардан тартылды: 2 238 120 сом жергиликтүү бюджеттен алынды, ЭҮЖӨБОЖ Долбоору 1 млн. сом бөлдү, Каржы министрлигинен 2 700 000 сом өлчөмүндө дем берүүчү грант тартылды, жергиликтүү жамаат 455 000 сом чогултту. Акча каражаттарынан тышкары жергиликтүү жамаат шейшеп, жаздыктарды, оюнчуктарды, жууркан менен идиш-аяктарды берди. Жеке ишкер С.ТЕМИРОВ 50 матрац жана керебет тартуулады.

### Натыйжасы

2014-жылдын сентябрында 75 орундуу бала бакча колдонууга берилет. Долбоордон түз пайданы 250 адам алды, кыйыр пайдасы 1200 адамга тийди.

### Төл сөз

Жумалы БУРКАНОВ, айыл өкмөт башчысынын орун басары: *“Бала бакчанын курулушунан кийин калкта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ишеним өсүп, ЖӨБ менен жамааттын биргелешкен аракеттери менен атүгүл эң оор тапшырмаларды да аткаруу мүмкүн деген үмүт пайда болду. Көп түкүрсө көл болот демекчи, элдин демилгеси келечекке дем берет”.*



## Жалал-Абад облусунун Токтогул районундагы Жаңы-Жол АА

# Туура тамактануу – өдени сак бала



### Эмнелер жасалды?

2007-жылы Жаңы-Жол аймагынын территориясында жамаат "Кенже балдардын өнүгүүсү" Долбоорунун ишке ашырылып жатканы тууралуу угушту. Айыл өкмөттүн мурдагы башчысы С.УЗБЕКОВ менен кеңешип көрүп, жашоочулар бала бакча ачууну жана мектепке чейинки курактагы балдардын окуусу жана тарбиясы үчүн шарт түзүп берүүнү чечишти. Анткен менен демилгечилердин алдында маселе жаралды – айылда ылайыктуу имарат жок эле. Маселени чечүүдө жардамга жеке ишкер келди. Ал коммерциялык максатта колдонуу үчүн имарат курган, бирок ал имарат бала бакча үчүн да ылайыктуу эле. Ишкер тийиштүү келишим түзүп, имаратты айыл өкмөтүнө ижарага бекер өткөрүп берди. АӨБ тарабынан 384 миң сом бөлүндү, ал акчага 50 орундуу бала бакча жабдууланып, балдарга эшигин ачты. Имарат ремонттолуп, жылуулук өткөрүлүп, балдар аянтчасы курулуп, тегереги курчалды, дарбазалар орнотулду, идиш-аяк жана килем-паластар сатып алынды. 2008-жылдын ноябрь айынан тарта бала бакча жарым күндөн иштей баштады. 2011-жылдын 1-сентябрынан тарта бала бакча толук жумушчу күн иштей баштап, толугу менен жергиликтүү бюджеттен каржылоого өттү. 2012-жылы жергиликтүү жамаат калкты иш менен камсыздоо боюнча мекемеге долбоор менен кайрылып, 90350 сом өлчөмүндө колдоого ээ болду, кошумча 50 000 сом жергиликтүү бюджеттен алынды. Бул каражатка бала бакчага ашкана, медициналык пункт, кир жуучу бөлмө кошулуп, суу өткөрүлдү. Аймакта марафон уюштурулуп, анын жүрүшүндө жашоочулар 80 000 сомго каражат чогулта алышты. Бул каражатка азык-түлүк сактоо үчүн кампа, ошондой эле тышкы көмөкчү жайлар да курулду. Азык-түлүк сактоо үчүн кампа, суу жана жакшы ашкана балдардын туура тамактануусун камсыздай алат.

### Натыйжасы

Эми бала бакчада 58 бала тарбияланат, дагы 27 бала кезекте турат. Иш менен айылдын 14 жашоочусу камсыздалды. Ата-энелерде ишке чыгуу, ал эми чоң эне-тайнелерде небересин бала бакчага жиберип коюп, өзүнө көбүрөөк убакыт бөлүү мүмкүнчүлүгү пайда болду. Анткени көптөгөн ата-энелер чет өлкөгө жумуш издеп кетип, балдарын өз ата-энелерине, б.а., чоң ата-чоң энелерине таштап кетишкен.

## Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Жерге-Тал АА

# Аялдарга жана үй-бүлөгө жардамга келген бала бакча

### Эмнелер жасалды?

Ушул тапта жергиликтүү калктын, айылдык кеңештин депутаттарынын жана айыл өкмөт аппаратынын адистеринин биргелешкен аракеттери менен "Жибек" бала бакчасынын ачылышына даярдыктар көрүлүп жатат. Бала бакчанын чакан имаратын тургузуу боюнча курулуш иштери бекер жасалды, курулуш материалдарына каражаттар ар бир үй кожолугунан 50 сомдон төлөм түрүндө чогултулду. Ошону менен бирге каражат чогултуу үчүн айылдагы жигердүү аялдардын ичинен бир нече демилгелүү топ уюштурулду.

Кошумча каражатты айылдын айрым жашоочулары демөөрчүлүк жардам түрүндө берди. Кызыл-Капчыгай айылынын тургундары иштерге жардам берип, курулуш иштери бүткөнгө чейин куруучуларды ысык тамак менен камсыздашты.

### Натыйжасы

Жаңы бала бакча аялдарга ишке орношууга жана үй-бүлөлүк бюджетке салым кошууга мүмкүнчүлүк түзөт. Кызыл-Капчыгай айылынын аймагындагы ар бир үй-бүлөдө бери дегенде төрт же беш бала мектепке чейинки куракта болгонунан улам энелери аларды кароосуз калтыра алышчу эмес. Мындан улам ишке орношуу же акча табуу мүмкүнчүлүгү дээрлик жок болчу. Бирок эми балдарды тарбиячылардын кароосуна калтыруу мүмкүнчүлүгү бар. Эми балдарды тарбиячылардын көзөмү алдында калтыруу, ошону менен бирге зарыл болгон мектепке чейинки даярдыкты камсыздоо мүмкүнчүлүгү түзүлдү.

Элеттиктерге тажрыйба көрсөткөндөй, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дарегине наразылыктарды билдирүү айрым бир маселелерди өз алдынча жана өз ресурстар менен чечүү мүмкүнчүлүгү бар экенин көрсөттү. Мындан тышкары сүрөттөлгөн тажрыйбасы кызматташтыктын мисалы болуп калды – аймакта жашоочулардын мындан да биригүүсүнө көмөктөшкөн түрдүү акциялар, ишембиликтер жана концерттер өткөрүлдү.



## Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Ивановка АА

# Балдарыбыздын кубанычы жана күлкүсү

### Эмнелер жасалды?

2009-жылы АРИС менен биргеликте жергиликтүү бюджеттин каражатына 1085 000 сомго чатыр калыбына келтирилди. АРИС бардык имараттын капиталдык ремонтуна кошумча 3 700 000 сом бөлдү. Негизги шарттардын бири долбоорго өз салым 3,75% көлөмүндө болуш керек деген талап болду. Бул накталай акча менен 138 000 сомду түздү. Эм-



гек салымы 453 000 сомду, же 12,25% түзүш керек эле. Жергиликтүү бюджеттин каражатына жалпы суммасы 1 420 000 сомго от жакчу жай курулуп, канализация системасы оңдолду.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен кызматташтыктын алкагында калк арасында сурамжылоо жүргүзүлүп, артыкчылыктуу маселелердин бири катары бала бакчада мектепке чейинки курактагы балдар үчүн орундардын жетишсиздиги аталды. Биргелешкен аракеттер планы иштелип чыгып, аны ишке ашыруунун алкагында 2013-жылы 663 000 сомго дагы бир топ үчүн кошумча жай ремонттолду. Ушул эле каражаттын ичинен эмеректер жана жабдуулар сатылып алынды. Ата-энелер бала бакчанын аймагын көрктөндүрүү үчүн демөөрчүлүк жардамын көрсөтүштү: дарактарды актап, көчөттөрдү жана гүлдөрдү отургузуп, оюн аянтчасын ремонттоп чыгышты: эмеректерди чогултуп, пардаларды илип, телевизор орнотуп, ошондой эле килемдерди сатып алышты.

### Натыйжасы

Кошумча топко 40 бала барат. Эки тарбиячы жана бир бала баккан аял иш менен камсыздалды. Бала бакчада жалпысынан 100 бала тарбия алат. Анткен менен маанилүүсү – жарандар өз көчөлөрүндө, кварталдарда жана айылдарда шарттарды түзүү менен көкөйгө тийген маселелерди чечүүгө жигердүү катышуу зарылчылыгын түшүнө баштаshты. Жергиликтүү өз алдынча башкарууга коюлган талап да күч алды. Анын натыйжасында муниципалитет жергиликтүү бюджетти башкарууда натыйжалуулукту жана ачык-айкындуулукту камсыздоо үчүн аракеттерин көбөйттү.

### Төл сөз

Клара ИСКАНДАРОВА, *“Нaристе” бала бакчасынын жетекчисинин м.а.: “Акыркы жылдары ЖӨБ органы менен калк ортосунда пайда болгон ажырым кыскара баштады. Жергиликтүү жамаат жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алууга жигердүү катыша баштады жана ар бир адам жалпысынан муниципалитеттин жашоосуна таасир эте аларын түшүнүп калды. Айыл өкмөтү АК депутаттары менен тыгыз иштешүүдө. Анткени жергиликтүү бюджеттеги каражатты бөлүштүрүүдө акыркы сөздү ошолор айтат. Жергиликтүү бюджет калктын артыкчылыктарына шайкеш келет. Айыл өкмөттүн жергиликтүү жамаат менен өнөктөштүгү жемишин бере баштады. Мисалы, бала бакчада жаңы топ ачылды. Ата-энелердин демилгеси менен ата-энелер комитети түзүлүп, учурда иштеп жатат. Комитет балдар мекемесине жигердүү жардам көрсөтүп келет”*.

# Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Каргалык АА

# Чет-Булак айылында үйдү бала бакчага беришти



### Эмнелер жасалды?

2013-жылдын апрель айында аймактын жигердүү жашоочулары, АӨ адистери жана АК депутаттары “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун алкагында элет көйгөйлөрүн биргелешип аныктоонун (ЭКБА) усулдарын үйрөнүштү. Өткөрүлгөн ЭКБА-сессиялар мектепке чейинки билим берүү көйгөйү артыкчылыктуу бойдон калып жатканын






аныктады. Аймак деңгээлинде сегиз адамдан турган демилгелүү топ түзүлүп, анын курамына АК депутаттары, АӨ башчысынын орун басары, райондук мамлекеттик администрациянын өкүлдөрү, жергиликтүү жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрү кирди. Бул көйгөйдү чечүү үчүн Биргелешкен аракеттер планы иштелип чыкты.

Айылда балдар мекемесине имарат жок болгондуктан демилгелүү топ бала бакчаны үй шарттарында ачууну чечти. Кырдаалга анализ жасап, кимден бала бакча үчүн үй сураса болот деп ойлонуп отуруп, жергиликтүү жашоочу Төркүнбүбү КАЗИЕВАда ылайыктуу бош үй бар экени аныкталды. Демилгелүү топ ушул маселе боюнча кайрылганда, Төркүнбүбү айым өз үйүн бала бакчаны уюштуруу үчүн сатууга макулдугун берди. Демилгелүү топтун мүчөлөрү жардам сурап айыл өкмөткө, айылдык кеңешке жана жергиликтүү жамаатка кайрылышты. Имаратты сатып алуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 1 200 000 сом, ремонт иштерине 2 000 000 сом, жабдууларды сатып алууга 170 000 сом бөлүндү. Ремонт иштери жасалып, эмеректер сатып алынгандан кийин тийиштүү мамлекеттик структураларга кайрылуу жолдонуп, устав иштелип чыкты. 2013-жылдын соңунда марафон өтүп, анын натыйжасында кошумча 143 710 сом чогулду. 2013-жылдын 18-сентябрында "Перизат" бала бакчасы расмий түрдө катталды.

## Натыйжасы

2014-жылдын 1-январынан тарта "Перизат" бала бакчасынын эки тобу 48 баланы кабыл алды, штаттык ыраатамага ылайык, алар үчүн шарттарды13 адис түзүп берүүдө. Бул демилгелүү топтун тайманбас эмгегинен улам ишке ашты. ДТ маселени чечүүгө коомчулуктун көңүлүн буруп, каражат табуу жана бала бакчаны жасалгалоо боюнча чоң иштерди аткарды. Бул тажрыйба тууралуу "Жеңиш Туусу" гезитинде макала да жарык көрдү. Райондук мамлекеттик администрация жана райондук билим берүү башкармалыгы тарабынан олуттуу методологиялык жардам көрсөтүлдү. Андан кийин бала бакчанын иши республикалык бюджеттен да колдоого ээ болду.

## Төл сөз

Роза ТЕЛГАЗИЕВА, Каргалык айылдык аймагынын Чет-Булак айылынын тургуну: *"Бала бакча маселесин биринчи жолу талкуулаганда ал чечилерине көп деле көзүбүз жеткен эмес. Бирок бала бакча коомдук лидерлердин, сыйлуу жердештердин жана жигердүү жашоочулардын аракеттеринин натыйжасында ачылды. Эми балдарыбыз ылай-баткакта эмес, мектепке чейинки мекемедеги жакшы шарттарда тарбия алууда"*. М






# Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Ленин АА

# Бала бакча – туш тараптан салым



### Эмнелер жасалды?

Бактыгүл АНАРБАЕВА, айылдын активисти жана "Аруузат" элеттик фондунун жетекчиси: "Бул маселени чечүү зарылчылыгы демилгелүү топторду түзүүнүн жана алардын натыйжалуу ишинин натыйжалуу ишинин жыйынтыгында аныкталды. Демилгелүү топко жергиликтүү жамааттын лидерлери, муниципалдык ишканалардын, коомдук элеттик фонддун, аксакалдар сотунун өкүлдөрү жана жергиликтүү калк кирди. 2013-жылдын күз мезгилинде элеттик клубдун имаратында бала бакчанын курулушу боюнча жергиликтүү демилгеге арналган айылдык чогулуш өттү. Ага АӨ башчысы жана АК төрагасы, коомдук уюмдардын жетекчилери жана жергиликтүү калк катышты. Чогулуштун жыйынтыгы боюнча бир катар чечимдер кабыл алынды. Тагыраак айтканда: бала бакчанын курулушу үчүн жер участогун бөлүү тууралуу АӨгө өтүнүч жиберүү; 3 000 сом көлөмүндө айылдагы ар бир үй-бүлөдөн акча чогултуу. Ошондой эле элеттиктердин өкүлдөрүнүн атынан – эмгек мигранттарынан жардам берилери тууралуу убада жаңырды".

### Натыйжалар

2014-жылы жергиликтүү бюджеттен 450 000 сом бөлүндү. Жергиликтүү кеңештин чечими менен жер участогу бөлүнүп, бала бакчанын курулушу башталды. Долбоордун жалпы бюджети 4,5 миллион сомду түздү. Ошону менен бирге Жогорку Кеңештин депутаты Азамат АРАПБАЕВ беш тонна цемент берсе, Жогорку Кеңештин дагы бир депутаты Бакыт ТӨРӨБАЕВ 20 000 даана кирпич түрүндө көмөк көрсөттү. Москвадагы мигранттардан да 79 000 рубль салым түштү. Алар бул сумма ай сайын жиберилип турарын убада кылышты. Жергиликтүү жамааттан 1 000 000 сом көлөмүндө акча түшөт деп күтүлүүдө. Алардын жарымы чогултулуп калды. Жергиликтүү бюджеттеги каражаттан 2015-жылга 600 000 сом өлчөмүндө акча бөлүнөт деп убада берилди.

### Төл сөз

Жийдегүл АЛИМБЕКОВА: *"Эгерде биз бири-бирибизди колдоп турсак, анда айылдагы бир топ маселелерди акылдашып чечип алабыз. Муну биз ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жардамы менен түшүндүк. Долбоор бизге демилгелүү топторду түзүүгө жардам берип, айылыбыздын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктоону үйрөттү. Окуудан кийин айылыбыздын жашоочуларынын жигердүүлүгү бир кыйла өстү, натыйжасы катары бала бакчаны куруу демилгесине туш тараптан көрсөтүлгөн колдоону айтса болот"*.

# Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы Биринчи май АА

# Балдарга камкордук – ар бир жоопкерчиликтүү адамдын милдети

### Эмнелер жасалды?

Чогулуштардын биринде ата-энелер комитетинин мүчөлөрү Амангелди ЖАКИЕВ, Айнура МАМЫТОВА жана бала бакчанын кызматкерлери мекеменин жанындагы участокто балдар аянтчасын курууну сунушташты. Айыл өкмөт башчысы, жергиликтүү кеңештин төрагасы жана депутаттар чыгашалардын сметасын эсептеп чыгышты, ал эми ата-энелер комитети акча чогулта баштады – ар бир ата-энеден 500 сомдон чогултулду. Каражатты чогултууга жергиликтүү ишкерлер А. ШАЙНАЗАРОВ



жана Т. МАШАЕВ да жардам беришти. Натыйжада 117 000 сом чогулта алышты: жергиликтүү жамааттан – 80 000 сом, жеке ишкерлерден – 14 000 сом, жергиликтүү бюджеттен – 23 000 сом. АӨ башчысынын көмөгү менен жергиликтүү темирчи балдар аянтчасы үчүн металлдан жасалган конструкцияны бекер орнотуп бермей болду. Андан кийин ал АӨ балансына өткөрүлүп берилди. Бала бакчаны кайтаруу үчүн милдеттенмени өзүнө ата-энелер алды. "Айрым тазалык" муниципалдык ишкана курулуш материалдарын жеткирүүгө жардам берди, ата-энелер курулуш-ремонт иштери жүрүп жаткан чакта жумушчуларга түшкү тамак жасап берип турушту. Демилгени айылдын жашоочулары толугу менен колдоп, көптөр аянтчанын курулушуна түздөн-түз катышты. Ошону менен бирге уюштуруучулар камсыздаган толук ачык-айкындуулук жана жогорку деңгээлдеги жоопкерчиликтүү мамиле элеттиктердин аракеттерин бириктирген фактор болуп калды.

### Натыйжасы

Балдар ойноп, спорт менен алектене ала турган балдар аянтчасы пайда болду. Аянтча алардын дени сак өнүгүүсүнө көмөктөшмөкчү. Демилге ата-энелердин жана мектепке чейинки курактагы балдардын тарбиясына кайдыгер карабагандардын ынтымагын көрсөтө алды; балдардын бала бакчада тарбиялануусу үчүн жакшы шарттарды түзүүгө көмөктөштү. Каражат чогултуу ачык жана айкын болуп, жамааттын ата-энелер комитетине жана айыл өкмөтүнө болгон ишенимин арттырды.

### Төл сөз

Айнура МАМЫТОВА, ата-энелер комитетинин төрайымы: *"Балдарга камкордук – бул ар бир жоопкерчиликтүү адамдын иши. Ошол аянтчада ойноп жаткан балдарды көргөндө бактылуу болдум. Эми балдарыбыз дагы да дени сак чоңоюшат".*

## Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Тогуз-Булак АА

# Жамаат – бул айылды өнүктүрүүдө күч, ал эми аны мектепке чейинки билим берүүдөн баштаса болот



### Эмнелер жасалды?

2003-жылы элеттик мектептин директору Олег ТУРГАНБАЕВдин сунушу менен Тогуз-Булак ААда "Шамсыя" кесиптик педагогикалык жамаат түзүлгөн. Жамааттын Уставы талкууланып, бекитилген, кийин ал АӨ башчысынын токтому менен Тогуз-Булак АӨдө катталган. Баштапкы салым 800 сом, ал эми ай сайын 50 сом болот деп аныкташкан. Жамаат айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн изилдей баштап, мектепке чейинки билим берүүгө жеткиликтүүлүктүн жоктугу эң курч маселе экенин аныкташкан. Балдар мектепке психологиялык жактан эч даярдыксыз келүүдө, өзүн жамаатта алып жүргөндү билишпейт, жүрүм-турумдун жана тазалыктын жөнөкөй эрежелерин өздөштүрүшкөн эмес. Көп өтпөй мунун баары окуучулардын билим сапатына терс таасирин тийгизүүдө. Анткени биринчи класста мугалим мектеп программасын окуткандын ордуна көп убактысын окуучуларга жүрүм-турум эрежелерин үйрөтүүгө кетирип калат. Мындан улам

балдардын мектепке чейинки билим берүү борборлорун түзүү зарылчылыгы пайда болду.

Жамааттын мүчөлөрү баштапкы мектептин эски имаратын реконструкциялап, ал жерде мектепке чейинки билим берүү борборун ачууну сунушташты. Акча каражатын издей баштап, АРИСке долбоордук табыштама жазылды. Жергиликтүүлөр көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөрүштү, анткени жамаатта долбоорду ишке ашыруу боюнча тажрыйба жок болчу. Бирок алар бардык кыйынчылыктарды жеңип чыгышты. "Шамсыя" жамааты жети адамдан турган функционалдык топ түзүп, анын лидери деп О.ТУРГАНБАЕВди тандашты, курулуш иштерин жүргүзүү, жылытуучу системаны орнотуу боюнча аракеттер планын иштеп чыгышты. АРИС 118 000 сом, ал эми "Шамсыя" 34 421 сом кошту. Алардын ичинен эмгек салымы 25 301 сом, ал эми материалдык салым 9120 сом болду. Жамааттар бирикмеси 64 000 сом кошумчасын берди. Жамааттын мүчөлөрү күн сайын кадам-кадамы менен бир кыйла курулуш иштерин бүтүрүп, баштапкы мектептин эски имараты оюн бөлмөсү, окуу классы, ашканасы, уктоочу бөлмөсү бар жайлуу, таза, тыкан балдардын мектепке чейинки билим берүү борборуна айланды. Балдардын мектепке чейинки билим берүүчү борборун "Бөбөк" деп аташты ("Бөбөк" БМББ).

"Бөбөк" БМББнын салтанаттуу ачылышы айыл жашоочуларынын ортоктоштугун көрсөттү: ар бир үй-бүлө БМББнын мындан ары иштеп кетүүсү үчүн колдон келген жардамын берди: шейшеп, жууркан, идиш-аяк, оюнчуктар, кийим үчүн шкаф, акча – баары болуп 43 580 сомго жардам көрсөтүлдү. 2006-жылдан тарта облустук элге билим берүү бөлүмүнүн жетекчиси Догдургүл КЕНДИРБАЕВАнын аракети менен маяна жана тамактануу жергиликтүү бюджетке кошулган. Ага ылайык, жетекчи, тарбиячылар, кароолчу жана ашпозчудан турган жамаат маянаны Тогуз-Булак айыл өкмөтүнөн ала баштады. Балдар да ысык тамак ичип калды. Андан соң штат тогуз адамга чейин өсүп, кошумча ресурстар тартылып, балдардын шарты жакшыртылды.

Бирок "Шамсия" жамааты өз ишинде "Бөбөк" БМББ менен гана чектелип калган жок. Кийинки жылдары мектепте шарттарды жакшыртуу үчүн бир нече долбоор ишке ашырылды – эмерек, компьютерлер сатып алынып, чатыры оңдолду.





## Натыйжасы

Болгону 9 жылдын ичинде эле "Бөбөк" БМББда мектепке чейинки билимди 251 бала алды. Түз бенефициарлар – балдар, БМББнын кызматкерлери, педагогикалык жамаат, ата-энелер. Кыйыр бенефициарлар – айылдын бардык жашоочулары. Борбордон кийин балдар биринчи класска жакшы даярдыкта келишет – алар жазганды, окуганды жана өзүн жамаатта алып жүргөндү билишет. "Шамсыя" жамааты "Бөбөк" БМББ ачылганга чейин жана андан кийин окуучулардын билим сапатына анализ жасап, орто билим берүүчү мектептеги биринчи класста жалаң "бешке" окугандардын саны дээрлик үч эсеге, "беш" жана "төрткө" окугандардын саны эки эсеге өскөнүн аныктаган.

"Бөбөк" БМББ ийгиликтүү иш алып барууда жана бул көңүлгө жакын, өтө жарык долбоор. Анткени ал балдарга кубаныч тартуулайт. Педагогикалык жамаат да жемиштүү иштөөдө. Мектеп курагына чейинки балдарды окутууну жакшыртуу планы да иштелип чыкты. Ага ылайык, окуу-тарбия процесси методикалык деңгээлде өткөрүлөт, иш-чаралар да кызыктуу жана билим берүүчү нукта уюштурулат.

Бирок балдар борбору – бул негизги жетишкендиктин көрүнүшү гана. Ал аймакта "Шамсия" жамааты аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу ортосунда өз ара аракеттешүү механизмин түзүүдө камтылган. Адамдар биригүүдө, билим алып, айылдын жашоосуна жигердүү катышууда; достук жана ынтымак бекемделип жатат.

## Төл сөз

Курманбүбү БАЙСЫНОВА, "Шамсыя" жамаатынын лидери: *"Биринчи класска барганга чейин үйдө балдарды тарбиялаган көптөгөн чоң эне-чоң аталар небереси көз алдында өзгөрүп жатканын көрө алышты. Алардын жүрүм-туруму, сөздөрү өзгөрүп, жазуу жана окуу көндүмдөрү жакшырып, алар жакшы сүйлөшүп калышты, эрежелерди жана тазалыкты сакташат. Эми улуу муун мектепке чейинки атайын мекемелер – бул тарбия өңдүү жоопкерчиликтүү процессте үй-бүлөгө чоң жана зарыл жардам экенин айтышат".*

# Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Сары-Булуң АА

# Орто мектептин чатырын оңдоо



## Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Сары-Булуң айылдык аймагында Т.Сатыбалдиев атындагы орто мектеп үч корпустан турат: биринчиси 1958-жылы, экинчиси 1974-жылы, ал эми үчүнчүсү 1996-жылы курулган. Мектепте 240 билим алат, 30 мугалим жана 15 техникалык кызматкер иштейт. Мектептин үчүнчү корпусу Азия өнүктүрүү банкынын каржылоосу менен бала бакча болуп түзүлгөн, ал жерде 50 бала тарбияланат жана 8 тарбиячы иштейт.

Мектептин экинчи корпусу ушул кезге чейин авариялык абалда турган. Имараттын чатыры жараксыз абалга келгендиктен жамгыр жааганда шыптан суу тамчылап турган. Мунун айынан мугалимдер жана окуучулар көп эле оорушчу. Мектептин администрациясы ЖӨБ органдарына жана райондук администрацияга кайрылып, чукул арада оңдоо иштерин жүргүзүш керектигин айтты. Мектепте ата-энелердин демилгеси менен чогулуш уюштурулду. Ата-энелер комитетинин мүчөлөрү мектеп администрациясы менен биргеликте имараттын чатырын тез арада оңдош керектиги тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Жашоочулардын көпчүлүгү бул маселенин маанисин терең түшүнүп турушту, анткени мектепте билим алган балдар ушунчалык тез ооругандыктан кышында жана жамгыр жааган мезгилде мектепте сабак өтүү мүмкүн болбой калган. Ремонт үчүн зарыл каражат жергиликтүү калкта жок болгондуктан анын ири бөлүгү жергиликтүү бюджеттен каржыланды. Каражаттын калган бөлүгүн издөө үчүн жамаат донорго кайрылды. Мындан тышкары жергиликтүү жашоочулардын аракеттери менен ыктыярдуу акчалай төлөмдөр чогултулду.

## Эмнелер жасалды?

Ремонт иштерин жүргүзүү зарылчылыгы тууралуу маселе көтөрүлгөн учурда “Мерсико” эл аралык уюму долбоордук табыштамаларга сынак жарыялап калды. Чатырды ремонттоо боюнча долбоордук табыштама донорлор тарабынан колдоого ээ болду, ал эми кошо каржылоо үчүн каражаттын зарыл болгон бөлүгү жергиликтүү бюджеттен бөлүндү. Ошентип 2013-жылдын май айында Т.Сатыбалдиев ат. орто мектептин экинчи корпусунун чатыры оңдолду. Ремонт иштери үчүн жергиликтүү бюджеттен 135 миң сом, “Мерсико” уюмунан 90 миң сом, мектептин фондунан 17,5 миң сом бөлүндү. 16 миң сомго жакын акчаны жергиликтүү жашоочулар чогултуп берди. Чатырды алмаштыруу ишинин жалпы бюджети 250 миң сомдон бир аз ашты.

## Натыйжасы

Бүгүнкү күндө жамаат менен ЖӨБ органдарынын биргелешкен ишинин арты менен жогорку класстарда 240, кенже класстарда 65 окуучунун билим алуусу, 30 мугалимдин жана 15 техникалык адистин иши үчүн шарттар түзүлдү. Жергиликтүү жашоочулар, ошондой эле билим берүү бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү ыраазычылыгын билдирип, долбоорду, ошону менен бирге демилгени ишке ашыруунун сапатын жогору баалашты.

Аймак тургундарынын айтымында, чатырдын ремонту жергиликтүү калктын көңүлүн мектептин маанисине бурду. Эми алар калктын демилгесинин жана жигердүүлүгүнүн арты менен көптөгөн маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдары менен жамааттын өз ара аракеттешүүсү канчалык маанилүү экенин баамдай алышты.

## Төл сөз

Тойгонбай МОЛДОБАЕВ, айыл өкмөт башчысы: *“Дээрлик эки жылдан бери мектептин чатырын оңдоого байланышкан маселени чече албай убара болдук. Биргелешкен иш жана долбоорлор менен кызматташтык – бул элеттик муниципалитеттер үчүн жакшы практика”.*

# Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Чоң-Сары-Ой АА

# Айылда заманбап ФАПтын курулушу


### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Чоң-Сары Ой АА беш айылдан турат. Алар Совет доорунда Чок-Тал, Өрнөк, Чоң-Сары Ой жана Бает деген колхоздун курамында болчу. Ал учурда ар бир айылда мектептер жана маданият объекттери бар эле.

Ал эми медицина үчүн – бейтапканалар (азыр эми Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу – ҮДТ деп аталып калды) жана фельдшердик-акушердик пункттар (ФАП) үчүн өзүнчө имараттар бөлүнгөн эмес. Азыр болсо саламаттык сактоо мекемелеринин түзүмү өзгөрдү. Ошондой эле жашоочулардын курамы да өзгөрүп, адамдарга жакын болгон саламаттык сактоо мекемелерине муктаждык пайда болду.

Бирок имарат маселеси курч турду. Айталы, Сары-Ой айылында ФАП менен байланыш бөлүмү бир имаратта жайгашкан, ал эми имараттын аянты болгону 9 чарчы метрди түзөт. Өрнөк айылында ФАП Маданият үйүндө жайгашкан, Чоң-Сары-Ойдо ҮДТ тиричилик комбинатынын мурдагы имаратында жайгаштырылган. Ал эми оорукананын мурдагы имараты адегенде мектеп-интернатка айланып, андан кийин такыр эле менчиктештирилип кеткен. Көп убакыт бою кадрларга байланыштуу маселе да курч турду – аймактын калкын (беш айылды) эки гана адис дарыгер тейлечү.

Жергиликтүү жашоочуларды сапаттуу медициналык тейлөө үчүн эч кандай шарттар түзүлгөн эмес. ФАП үчүн жаңы имарат бөлүү зарылчылыгы тууралуу маселе райондук, облустук жана улуттук иш-чараларда бир нече жолу көтөрүлсө да, дайыма эле чечилбей кала берчү.



### Эмнелер жасалды?

Маселени чечүү үчүн айылдын активисттери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, демилгелүү топтор, жаштар лидерлери ФАПтын жаңы имаратынын курулушун уюштурууну максат кылышты. ЖӨБ органдары жашоочулардын кайрылууларын кабыл алып, курулушту каржылоо үчүн инвестор издөөгө киришти.

Инвестор болуу сунушун аймактын территориясында жайгашкан "Радуга" пансионатына жолдошту. Пансионаттын жетекчилиги элет тургундарын сапаттуу медициналык тейлөө менен камсыздоо зарылчылыгын түшүнүү менен жаңы медициналык мекеменин курулушун каржылоого макулдугун берди. Жалпы наркы беш миллион сомдун тегерегинде болду. Курулушка уруксат алуу боюнча бардык документтер, участок бөлүү тууралуу маселе, долбоорго даярдыкты өз мойнуна айыл өкмөтүнүн адистери алышты.

Курулуштун жүрүшүндө аймактын 15ке жакын тургуну иш менен камсыз болду. Жергиликтүү тургундар курулуш материалдарын түшүрүү иштерине жардам берип, жумушчуларды ысык тамак менен камсыздап турушту.

АК депутаттарынын макулдугу менен жергиликтүү бюджеттен ФАП имаратынын тегерегинде темир тосмону орнотууга жана тийиштүү аймакта брусчатканы төшөөгө 496 900 сом бөлдү. Андан кийин жергиликтүү бюджет септиктин курулушуна 76 000 сом жана ФАПка жанашкан жолду оңдоого 29 700 сом бөлүп берди. Имаратка электр тогун өткөрүү үчүн жергиликтүү бюджеттен 44 700 сом бөлүндү.

Эми жаңы фельдшердик-акушердик пунктта кабылдама, процедуралык кабинет, стоматология бөлүмү, атүгүл төрөт кабыл алуу үчүн медициналык жабдуулар да бар. 2014-жылдын жай мезгилинде ФАПтын ачылышы болуп, ага айылдын бардык тургундары, демөөрчүлөр – "Радуга" пансионатынын башкы директору В.ХАН жана директору Ю.МУРЗАЕВ катышты. Курулушту колдогон үчүн элеттиктер аларга терең ыраазычылыгын билдирди, ал эми айыл өкмөтүнүн уюштуруу комитети белектерди тартуулады.

# Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районундагы Кеңеш АА

# Дени сак улут – ден соолугу чың коом





### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Советтер Союзу урагандан кийин Кыргызстанда билим берүү системасы да начарлап, жаш муунду тарбиялоо деңгээли бир кыйла төмөндөп кетти. Көптөр ичимдик, баңгизат менен алектене башташты. Бул болсо ууурулук, каракчылык, машине уурдоо өңдүү тартип бузууларга жана башка коомго каршы жүрүм-турумдарга алып келди.

### Эмнелер жасалды?

Көйгөйдүн өзөгүн түшүнгөн жана башкача жашоону каалаган, өзүнүн жана курдаштарынын келечегин өзгөртүүнү каалаган жигердүү жергиликтүү жаштар бош убакытты пайдалуу өткөрүүнүн жолго салуу үчүн өзүнүн аракеттер планын иштеп чыкты. Жаштар топтору айыл өкмөтүнүн кызматкерлери менен кызматташтыкта изилдөө жүргүзүшүп, спорт менен алектенген жаштардын абалы менен баңгиликтин, кылмыштуулуктун сазынан чыга албай калган жаштарды салыштырып көрдү.

Изилдөөнүн натыйжаларынын базасында жаштар үчүн сергек жашоонун пайдасы тууралуу маалымат берүүчү-түшүндүрүүчү акциялар уюштурулду. Маалыматтык иштерди өткөрүү үчүн каражатты жаштар өздөрү чогултту. Ал эми айыл өкмөтү иш үчүн орун бөлүп, документтерди даярдоо үчүн кеңсе техникасы менен камсыздап берди.



Жигердүү жаштар, жаштар топторунун мүчөлөрү үзгүлтүксүз чогулуп, айылдарда маалыматтык иш-чараларды өткөрүп турушту. Өз күчү менен спорт залын ремонттоп, ал жерде спорттук ийримдер уюштурулду. Учурда ар бир каалоочу бокс, күрөш жана оор атлетика менен алектене алат. Спорттук комплекс Кеңеш айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүлүп берилет, ал эми жергиликтүү бюджеттен аны күтүүгө каражат бөлүнөт деп макулдашылды. Үч тренер, кароолчу жана техникалык кызматкер үчүн жумушчу орундар түзүлөт. Спорт комплексинин курулушуна 1 720 186 сом чогултулду жана максаттуу пайдаланылды. Алардын ичинен 750 186 сомду жергиликтүү жамаат, ал эми 970 000 сомду демөөрчүлөр бөлдү. Уруксат берүүчү жана долбоордук-сметалык документтерге 18 000 сом сарпталды.

### Натыйжалар

Демилге ЖӨБ тарабынан гана эмес, жергиликтүү жамаат тараптан да кеңири колдоого ээ болду – долбоорго айылдын бардык жашоочулары катышты. Бул болсо аларга биригүү жана бирин-бири жакшыраак түшүнүү мүмкүнчүлүгүн берди. Аткарылган иштердин натыйжалары маалымат тактасында үзгүлтүксүз жаңыланып турду.

Бенефициарлар - жергиликтүү жигердүү жаштар жана кошуна айылдын жаштары; түз бенефициарлар 250 киши болду. Ал эми кыйыр бенефициар-

лар – айылдын жаштары жана улуу муун өкүлдөрү, өзгөчө жаш үй-бүлөлөр.

### Төл сөз

Жоро КУЛМАТОВ, жергиликтүү кеңештин депутаты: *"Спорт – бул жаштарды кылмыштуулукка жана жашоосун талкалоого алып барган баңгиликтен жана аракечтиктен алагдуу кылуунун натыйжалуу ыкмасы. Улуу муун четте карап турууга акысы жок жана жаштар ийгиликтүү болуп, өз күчүнө жана турмуш шартын жакшыртуу мүмкүнчүлүгүнө ишенүү үчүн алардын демилгелерин колдоого милдеттүү. Биз бириккенде көп иштерди бүтүрө алабыз".*

**Рахман ӨМҮРЗАКОВ,**
АА башчысы
**Жанышалы АРЗЫБАЕВ**,
социалдык маселелер боюнча
бөлүмдүн башкы адиси

# Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Барпы АА

# Чакан футбол талаасын жарыктандыруу

### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Дөбөй айылы – бул аймактын борбордук айылы, ал Дөш, Жар-Кыштак, Бешмойнок, Чокмор, Кыпчак, Канды жана Таштак деген дагы жети айылды бириктирип турат. Калктын саны дээрлик жети миң кишини түзөт. Алардын ичинен 7 жаштан 40 жашка чейинкилердин саны дээрлик эки эсеге жетет. Элет жаштары күндүз иш менен алектенгени менен, кечинде бош убактысын өткөрөйүн десе барчу жер жок. Ошондуктан жаштар маданий иш-чараларга катышуу жана спорт менен алектенүү үчүн да Жалал-Абад шаарына барууга мажбур болчу. Бирок жол дайыма эле коопсуз эмес, өзгөчө түнкүсүн. Жергиликтүү бюджетте акча атүгүл эң зарыл нерселерге да жетпей жаткан шартта бул маселени кантип чечсе болот?

### Эмнелер жасалды?

Дөбөй айылында муниципалдык стадион бар болчу, анын ичинде чакан футбол ойносо болот. Бирок күндүз гана ойнош керек. Ал эми бул маалда балдардын көпчүлүгү окуйт же иштейт. Чакан футбол талаасы кечинде да иштей тургандай кылуу үчүн аны жарыктандырыш керек эле. Маселени чечүүгө "Сайит Ата" коомдук бирикмеси киришкенде гана иш ордунан жылды. Анын жетекчиси Азамат КАЛИЕВ иш-аракеттердин атайын планын иштеп чыкты. Анын ичинде бир метр тереңдиктеги мамылар үчүн чуңкур казуу, мамыларды цементтөө жана электр линияларын монтаждоо боюнча иштер да кирген. Кабелди төшөө боюнча монтаждык иштерди аткаруу үчүн жергиликтүү тургун тартылды. Ал – жогорку квалификациядагы электрикчи, РЭСтин кызматкери Эсен ЖОЛДОШБАЕВ. Жамааттан салым катары ал бардык монтаждык иштерди жалпы суммасы 3,5 миң сомду түзгөн акыга аткарды.

Дөбөй айылынан "Сайит Ата" КБ жергиликтүү жаштар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, 250 сомдон каражат чогултуп, айыл өкмөтүнүн жетекчилиги менен сүйлөшүүлөрдү өткөрүп, ММКнын жергиликтүү демилгени чагылдырууга тартып, монтаж иштерин аткарууда курулуш нормаларынын жана эрежелеринин талаптарын аткаруу максатында жарык берүүчү жабдууларды РЭСтин жооптуу жана жогорку квалификациялуу кызматкерлеринин жардамы менен орнотту. Жергиликтүү ишкер Ильяз АЙТИБАЕВ үч топ жана эки ышкыргыч сатып алууга демөөрчүлүк жардам катары 5 миң бөлдү. Айыл өкмөтүнүн жетекчилиги чакан футбол талаасын жарыктандырууга кеткен электр кубаты үчүн акыны жергиликтүү бюджеттен төлөмөй болду. Чакан футбол талаасын жарыктандырууну уюштуруу боюнча аткарылган иштердин натыйжасында түз бенефициарлардын саны үч миңден ашык кишини түздү. Акчалай туюнтмасында иш-чаранын бюджети 35 миң сомдон ашык болду, алардын ичинен 25 250 сом жергиликтүү жаштардан чогултулду, ал эми 10 миң сомду жергиликтүү тургун Байгазы ОРОЗБАЕВ кошту.

### Натыйжасы

Чакан футбол талаасына жарык жетип, каалоочулар караңгыда да футбол ойной ала тургандай болуп калды. Бул демек жаштарда спорт менен алектенүү, сергек жашоого ыктоо үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөр пайда болду дегенди билдирет. Ал эми бул болсо калктын генефондун жакшыртууга жардам берет. Дени сак жаштар эми иш менен толук кандуу алектенип, үй-бүлөсүнө татыктуу жашоону камсыздай алат. Түрдүү улуттагы жашоочулар ортосундагы мамиле да жакшырды. Бул болсо көп улуттуу муниципалитет үчүн маанилүү. Ичимдик ичкен жаштардын саны кескин кыскарды.

**Нуруслан САЙИТОВ,**
жаштардын лидери,
"Сайит Ата" коомдук бирикмесинин төрагасы

# Болот-Мамбетовский АА Тонского района Иссык-Кульской области

# Ишенимдүү маалымат – бул калк үчүн сапаттуу кызмат көрсөтүү

### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Болот Мамбетов аймагы район борборунан 11 км алыстыкта жайгашкан. АА курамына 4 айыл кирет, ал жакта 5 800 киши жашайт. 3 000 жашоочу түрдүү райондук кызматтарга жана бийликтин аймактык органдарына ар кандай маселелер боюнча үзгүлтүксүз кайрылып турушат. Мисалы Социалдык фондго пенсия боюнча, социалдык коргоого пенсияларды жана жеңилдиктерди жаздыруу үчүн, Мамкаттоого мүлккө укукту тариздөө үчүн, паспорт столуна тек жайын тастыктаган документтерди алуу үчүн ж.б. Бирок ишенимдүү жана өз убагында маалымат алуу үчүн аймактын жашоочулары айыл өкмөтүнүн аппаратында кезек күтүүгө жана натыйжада АӨ адистери кагазга колу менен жазып берген маалыматты алууга аргасыз болушат.

Ошондой эле жарандардын көптөгөн арыздарын жана даттанууларын кароодо да бир топ маселелер жаралат. Арыздарга АӨнүн же жергиликтүү кеңештин чечимдеринин көчүрмөсүн же көчүрмө бөлүгүн тиркеш керек. Бирок айыл өкмөттө кеңсе техникасы эски болуп, начар иштегендиктен айрым бир жогору турган райондук кызматтар сапаты начар документтерди кабыл алышпайт жана арыз ээси бир эле маселе боюнча бир нече жолу кайрылууга мажбур болот. Натыйжада анын убактысы кетип, капчыгына да кесепетин тийгизет. Мындай кырдаалда өзгөчө алыскы айылдарда жашаган тургундарга эле оор болот. Заманбап кеңсе техникасынын жоктугунан улам аймактын жашоочулары мамлекеттик органдардын райондук бөлүмчөлөрүнүн кызмат көрсөтүүлөрүн өз убагында жана сапаттуу көрө албайт.

Мунун баары жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон маалыматка жеткиликтүүлүгүнө байланышкан маселелерди чечүүгө системалык мамилени издөө зарылчылыгын жаратты.

### Эмнелер жасалды?

Чечим – адистештирилген программаларды колдонуу менен аймактын жашоочуларынын бирдиктүү маалымат базасын түзүү, аны менен катар кириш жана чыгыш каттарды көзөмөлдөө жана маалыматты кайра иштетүү боюнча программаларды жайылтуу. 2013-жылы КРнын Улуттук статистикалык комитети аркылуу айыл өкмөтүндө “Айыл” адистештирилген компьютердик программа киргизилди. Аны колдонуу боюнча окуудан АӨ аппаратынын төрт кызматкери өттү: жооптуу катчы, жер боюнча адис, социалдык кызматкер жана салык инспектору.

Алынган билимдердин базасында Болот Мамбетов АӨнүн жооптуу катчысы “Айыл” программасын колдонуунун артыкчылыктары тууралуу жашоочулар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүздү. Андан кийин АӨ кызматкерлери аймактын жарандарынын жеке (паспорттук) маалыматтарын, идентификациялык номерлерин, техникасы, малы жана дыйкан чарбачылыгы тууралуу маалыматтарды базага киргизүү боюнча чоң жумуштарды жасашты.

### Натыйжалар

Натыйжада аймактын жашоочулары АӨ аппаратынан так, ишенимдүү, сапаттуу жана эң негизгиси өз убагында маалымат ала башташты. Мунун арты менен жашоочуларда эч кандай маселесиз эле райондук кызматтарга кайрылуу жана зарыл болгон документтерди тариздөө мүмкүнчүлүгү пайда болду.

Мындан тышкары АӨдө иш өндүрүшүн жүргүзүү боюнча Тоң районунун жооптуу катчылары үчүн окуулар өткөрүлдү. Ага райондук администрациянын, мамлекеттик кадр кызматынын өкүлдөрү, Тоң районундагы айыл өкмөттөрүнүн бардык жооптуу катчылары жана кызматкерлери катышты. Мамлекеттик кадр кызматынын түндүк аймак боюнча жетекчиси Н.АЛДАЯРОВ ушул тренингге катышкандар өз ишин жакшыртуу үчүн көп пайдалуу маалыматка ээ болгонун белгиледи.

**Рана БЕЛЕКОВА,**
ААнын жооптуу катчысы
**Иличбек КӨӨКӨРОВ,**
АА башчысы

# Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Көк-Ирим АА

# Айылым тууралуу жаңылыктар ай сайын жарыкка чыгып турат



## Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Көп мезгил бою Көк-Ирим аймагынын жергиликтүү жамааты жергиликтүү өз алдынча башкаруу эмне менен алектенип, жергиликтүү бюджеттеги каражаттар кайда сарпталарын билбей да, буга кызыкпай да жүрчү. Калк айыл өкмөтүнө ишеним артчу эмес. ЖӨБ менен калк ортосундагы маалымат алмашуу начар болчу. "Жеңиш Туусу" райондук гезити калктын бардык эле катмарын камтый алган эмес. Анын үстүнө маалыматтар да көбүрөөк жалпысынан район тууралуу болгондуктан көкиримдиктер гезитти анда-мында эле окуп койбосо, аны сатып алуу үчүн акча коротууга умтулчу эмес. Ал эми аймактын эки айылында 3421 киши жашайт, 18 жаштан жогору, ЖӨБ иши тууралуу маалыматтын негизги керектөөчүлөрү болуп эсептелгендердин саны эки миңдин тегерегинде. Маалымат алмашуунун жоктугу Көк-Иримдин ЖӨБ органы ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун пилоттук муниципалитети болуп калганынын негизги себептеринин бири. АӨ күчү менен ЭКБА-иш-чаралары өткөрүлүп, анда маанилүү көйгөйлөрдүн бири катары калктын маалыматка жеткиликтүүлүгү начар экени аныкталды.

## Эмнелер жасалды?

Айыл өкмөтүнүн калк менен байланышын бекемдөө, ачык-айкындуулукту камсыздоо жана калкты бюджеттик процесске тартуу үчүн "Маданият жана маалымат" демилгелүү тобунун лидерлери өзүнүн "жергиликтүү гезитин" – маалымат бюллетенин уюштурууну чечишти. Курамында 11 киши бар редколлегия түзүлдү. Алар төмөнкүлөрдү аныктоо максатын көздөштү: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде жана жергиликтүү бюджеттеги каражатты пайдаланууда ачык-айкындуулукту камсыздоо, жергиликтүү демилгелердин тажрыйбасын жайылтуу, айылдагы жаңылыктардан, тартылган каражаттардан кабардар кылуу. Бюллетень АӨ менен жергиликтүү жамаат ортосундагы көпүрөгө айланды. Алгач 120 нуска менен чыкты. Бюллетендин жардамы менен калк айыл өкмөтүнүн иши тууралуу маалыматка ээ болду. Бюллетенде калктын артыкчылыктары, жамааттын артыкчылыктуу маселелерин чечүү боюнча ЖӨБ органдарынын пландары, бюджет жана салыктар тууралуу маалымат жайгаштырылды. Аны менен катар бюллетень салык жергиликтүү бюджет жана айылдагы турмушту жакшыртуу үчүн кандай мааниге ээ экенин түшүндүрүп берүү менен жарандарды өз убагында жана толук өлчөмдө салык төлөөгө чакырды. Ошондой эле бюллетендерде жигердүү жашоочулар тууралуу маалыматтар чыкты.

Маалымдоонун мындай усулу чыгашалар жагынан алып караганда эң натыйжалуу болуп калды – бир санын чыгаруу үчүн эки миң сом гана керек. Ал акча көчүрүп чыгарууга гана кетет. Маалымат такталары даярдалып, илинди. Ал жерде редакциялык коллегия ЖӨБ органынын иши тууралуу маалыматты үзгүлтүксүз жаңылап келатат. Аймактын жашоосу тууралуу дубал гезитинин чыгарылышы жолго салынды. Айыл өкмөтү зарыл каражатты 2015-жылдын бюджет долбооруна кошуу менен редколлегияны канцелярдык товарлар менен камсыздап турууга милдеттенди. Бул болсо жергиликтүү жамаатты маалымат менен камсыздоо боюнча редакциялык коллегия 2015-жылы да ишин токтотпойт деген үмүттү пайда кылат.

Редколлегиянын иши кантип уюштурулду? Адегенде маалымат, айыл жаңылыктары чогултулат, андан кийин форматы жана нускасы аныкталат. Кырдаалга анализ жасоонун негизинде айына түрдүү мүнөздөгү 8ден 12ге чейин жаңылык чогулат, анын ичинде жергиликтүү бюджеттеги чыгашалар тууралуу кабар да бар. Адистер компьютерде жасалгалаганды жана сүрөттөрдү жайгаштырганды үйрөнүшөт. Жарандарга маалымат жеткирүү менен биз "Маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө" Мыйзамдын талаптарын аткарып, өз жарандарыбыздын үнүн угууга аракет кылып жатабыз. Демилгелүү топтун мүчөлөрү бюллетенди жайылтуу жана маалымат чогултуу иштерине жардам берет. Китепканаларда жана айыл өкмөттүн адистеринин бөлмөлөрүндө бюллетендердин көктөөсү бар.

### Натыйжасы

Калк коомдук иш-чараларга мурдагыга караганда жигердүү катыша баштады. Бюджет боюнча коомдук угуулар, элеттик чогулуштар жана аймакты тазалоо жана жашылдандыруу боюнча калктын ишембиликтерге катышуусу мунун далили болуп эсептелет. Иш-чараларга жарандар мурдагыга караганда даярдыкта келет, сабаттуу суроолорду узатып, жергиликтүү бюджетти түзүү боюнча компетенттүү сунуштарды киргизишет. Биздин демилгенин мааниси – маалыматка ээ адам айылдагы турмушту жакшыртуу үчүн көбүрөөк ишти жасай ала турганын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине көбүрөөк ишеним артарын айыл өкмөтү түшүнгүдөй кылуу.

### Төл сөз

Б. АРЗЫКУЛОВ, айыл тургуну: "*Мурда айыл өкмөтүнүн жана кеңешинин иши тууралуу маалымат ушак сөздөр менен гана чектелчү. Бирок калк менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу ортосундагы кызматташтыкка көмөктөшкөн жок. Маалымат бюллетенинин пайда болушу жергиликтүү өз алдынча башкарууну колдоого жана айылда жашоону жакшыртууга жардам берүүгө даяр болгон аймак тургундарынын санын көбөйттү*".

# Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Төрт-Күл АА

# Мектеп бюджетинин ачык-айкындуулугу жамааттын ишенимин бекемдейт

### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Мектеп жергиликтүү жамааттын жашоосунда маанилүү ролду ойнойт. Айылдык аймактын жергиликтүү бюджетиндеги каражаттар мектептин бардык керектөөлөрүн канааттандырууга дайыма эле жете бербейт. Эски материалдык-техникалык базага ээ болуу менен сапаттуу окуу процессин камсыздоо оор. Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Төрт-Күл айылдык аймагындагы орто мектепте дал ушундай маселе жаралды. Мындан тышкары бул жерде мектепти күтүүгө бөлүнгөн каражат кайда сарпталып жатат деген суроо көп берилип, ата-энелер жана айыл тургундары маалымат ачык жарыяланбаганына нааразы болуп келишкен.

Ал арада бөлүшө турган маалымат деле жок болчу. Анткени жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттар күнүмдүк ремонт жасоого, ошондой эле мектептин анча-мынча чыгымдарын жабууга гана жетчү. Бирок маалыматтын жоктугунан улам мектеп жетекчилиги менен окуучулардын ата-энелери ортосунда түшүнбөстүктөр болуп келген. Мектептин администрациясы ачык-айкындуулукту жана жарандардын маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыздоонун жолун табыш керек эле.

### Эмнелер жасалды?

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун кириш мезгилинде Төрт-Күл АА пилоттук муниципалитет болуп калды жана Долбоордун адистеринин жардамы менен 2012-жылдын 19-мартында мектеп бюджети боюнча алгачкы коомдук угуулар өткөрүлдү. Ал эми 2013-жылы мектеп администрациясы угууларды өз алдынча өткөрүп алды. Мунун баары жашоочулардын жетекчиликке карата ишенимин арттырууга көмөктөшүп, акча кантип сарпталып жатканы тууралуу зарыл жана талап кылынган маалыматты камсыздады. Окуучулардын ата-энелери мектепке бөлүнгөн каражат көп нерсеге жетпей турганын баамдады. Мындан тышкары угуулар маалында мектептин көмөкчү чарбачылыгы, ал кантип колдонулуп жатканы жана ушул чарбачылыктан түшкөн кирешенин эсебинен кандай иштер каржыланганы тууралуу толук маалымат берилди. Ата-энелер мектеп үчүн көмөкчү чарбачылыктын пайдасы чоң экенин түшүнүштү. Анткени мектепке тиешелүү бакты өстүрүүдөн, малдан түшкөн киреше окуу мекемесин жабдуулар, материалдар, техника жана сапаттуу окуу процессин камсыздоо үчүн зарыл болгон башка предметтер менен камсыздоо үчүн зарыл.

### Натыйжасы

Ушул тапта аймактын жашоочуларында окуу мекемесинин администрациясына эч кандай доомат жок. Анткени мектеп бюджети боюнча толук айкындуулук камсыздалган. Мындан тышкары үзгүлтүксүз өткөрүлүп турган коомдук чогулуштар жашоочуларга эл алдында сөз сүйлөгөндү, өз пикирин эркин билдиргенди, тема боюнча суроо узатканды, ошондой эле чогулуштардын программасына ылайык бөлүнгөн убакыттан ашыкча сүйлөбөгөндү үйрөттү.

Жашоочулардын айтымында, чогулуштар, коомдук угуулар жана башка иш-чаралар кайым айтышуусуз, ошондой эле кызуу кандуу талаш-тартышсыз өтүп калды. Жамаат башкалардын пикирине туура мамиле жасаганды, аны сыйлаганды үйрөндү.

# Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Тогуз-Торо АА

# Электрондук китепкананы түзүү





### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Тогуз-Торо айылдык аймагы – Кыргыз Республикасындагы оңой менен жете албаган элеттик муниципалитеттердин бири. Бул жерде кыш октябрда эле башталат жана жети айга чейин созулушу мүмкүн. Сары-Кыр ашуусу аркылуу Бишкекке чейинки аралык салыштырмалуу узак деле эмес жана 560 км түзөт. Бирок жолу өтө начар. Буга байланыштуу борборго баруу үчүн унаа жолу аркылуу жылына 4 ай гана өтүүгө мүмкүн. Калган учурда Сары-Кыр ашуусунун жабылышы менен атүгүл облус борборуна чейин эле 1200 км аралыкты басып өтүү керек. Буга байланыштуу эл аралык донордук долбоорлор жана инвесторлор бул айылдык аймак менен гана эмес, жалпысынан Тогуз-Торо району менен да кызматташууга көп деле кызыкдар эмес.

Жамааттын географиялык жактан обочодо калышы, борбор менен байланыштын начардыгы тыш дүйнөдөн бөлүнүп калгандай сезимди жаратып, калкта маалымат таңсыктыгын пайда кылат. Жарандардын маалыматка жетүүсүнүн татаалдыгы жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан натыйжалуу байланышты орнотуу боюнча чоң аракеттерди талап кылат. Ушул жол менен гана социалдык туруктуулукту сактап, адамдарда үмүт пайда кылып, аларды жаратууга түртсө болот.

Анткен менен маалымат алмашууну күчөтүү үчүн тийиштүү материалдык жана техникалык шарттар керек, алар болсо айылда көп жылдан бери жок. Атүгүл айыл өкмөтүнө таандык имарат да жок, ал эми коомдук иш-чараларды, чогулуштарды өткөрүү үчүн орто мектептеги класстарды ыңгайсыз





маалда колдонууга мажбур болушат. Бул ЖӨБ органдары үчүн да, мектеп үчүн да, жарандардын өздөрү үчүн да өтө ыңгайсыз болчу. Чындыгында эле кыш мезгилинде мектепте сабактар аяктагандан кийин караңгыда жана суукта чогулушка баруу жагымсыз эле. Ушундан улам калк менен баарлашуу үчүн шарт түзүү көйгөйүн жамаат артыкчылыктуу катары тандап алганы таң калычтуу деле эмес.

## Эмнелер жасалды?

Бул маселени чечүү үчүн айыл өкмөтү жергиликтүү кеңештин жана жарандардын колдоосу менен долбоор иштеп чыкты. ӨСИнин ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун гранттык сынагына катышуунун натыйжасында ошол долбоор 1 млн. сом өлчөмүндө каржылык колдоого ээ болду. Бул колдоо Жарандык коомду колдоо боюнча Долбоордун атынан Эл аралык кызматташтык боюнча Германия коому тарабынан берилди. Жергиликтүү бюджет кошумча 100 миң сом өлчөмүндө өз каражатын бөлдү.

Каражат жыйындар залын жана электрондук китепкана түзүүгө багытталды. Натыйжада айылдык кеңештин имараты ремонттолуп, техникалык тейлөө станциясынын ордуна жыйындар жана электрондук жаңы зал ачылды. Ремонтко кеткен чыгым 700 миң сомду түздү. Ошондой эле 300 миң сомго эмерек жана жабдуу сатып алынды: 7 стол, 70 отургуч, китеп текчелери, 2 компьютер, принтер, проектор, YAMAHA музыкалык аппараты ж.б. Жыйындар залында жергиликтүү бюджеттин иши тууралуу маалымат такталары орнотулду. Китепканада расмий маалымат фонду түзүлдү. Окурмандарга электрондук китептер жана мыйзамдардын жыйнагы сунушталды. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун сынагында жеңип чыгуу менен аймак 100 миң сом өлчөмүндө байге утуп алды. Бул акчага сыналгы, DVD, компьютер, принтер, көп функционалдуу принтер, түстүү принтер, видеокамера, ноутбук сатып алынды.



## Натыйжасы

Акыры 2014-жылдын 21-майында электрондук китепкананын ачылышы болду. Бул болсо Тогуз-Торо айылдык аймагы үчүн гана эмес, ошондой эле бүтүндөй бир район үчүн да маанилүү окуя болуп калды. Иш-чарага 100дөн ашык киши катышты – айыл тургундары жана кошуна айылдык аймактардын жашоочулары, коноктор болду.

## Төл сөз

Окуянын маанисин расмий адамдар мындайча баалашты: Тилек ИДИРИСОВ, Тогуз-Торо районунун жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысы: *“Жыйындар залынын жана электрондук китепкананын ачылышы улуу муундун өкүлдөрүнө да, балдарга да чоң өлчөмдөгү маалыматка жетүүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрүн берет. Кошуна муниципалитеттердин жетекчилери залдын жана китепкананын ачылышына күбө болуу менен, ушул идеяга берилип, өздөрүндө да ушул өңдүү иш-аракеттерди жасаганы өтө маанилүү”.* Бурганбүбү ИСАМАМБЕТОВА, Тогуз-Торо маданият үйүнүн жетекчиси: *“Электрондук китепкананын ачылышы менен жергиликтүү калк мыйзамдар тууралуу кеңири маалыматка ээ болуп, жаңылыктарды угуп, маалымдуулуктун жана билимдин деңгээли жогорулайт. Бул иш жогору жактын көрсөтмөсү менен эмес, жергиликтүү жашоочулардын каалоосу жана катышуусу менен ишке ашканы абдан кубандырат. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЭҮЖӨБОЖ Долбоору сунуштаган демилгелүү топтордун форматы жана жарандардын катышуу модели өзүнүн натыйжалуулугун жана иштеп кете алаарын далилдеди!”.*



# Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Тору-Айгыр АА

# Куурчак театры: балдарыбыз үчүн мыкты келечек

### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Жаңы технологиялардын өнүгүүсүнөн улам балдар убактысынын көбүн чөнтөк телефондорго, компьютерлерге, сыналгыга коротуп калышты. Натыйжада балдар бири-бири менен баарлашпай калды, алардын сөз байлыгы начар, эне тилин унутуп, жалпак тилде гана сүйлөшүп, ортодогу ажырым кеңейип баратат. Балдарда жана өспүрүмдөрдө адабиятка болгон кызыгуу жоголуп баратат, алар көркөм жана илимий китептерди окубай калышты, өз пикирин жана көз карашын туура, так жана коoз жеткире алышпайт. Дүкөндөрдүн текчелеринде турган тасмаларды текшере келгенде өсүп келаткан муунду туура жолдо тарбиялоого өбөлгө болчу тасмалар аз экенин көрүүгө болот. Эгерде дээрлик ар бир тасмага анализ жасай келсек, көп фильмдер бийликке, акчага, зомбулукка кызыгууну пропагандалай турганы аныкталат.



### Эмнелер жасалды?

Окуучулардын адабиятка жана жалпысынан окуу процессине кызыгуусунун төмөндөшү өңдүү маселе мектептердеги класстык саат, ачык сабак учурларында, педагогикалык кеңешмелерде, ошондой эле элеттик ден соолук комитеттеринин өкүлдөрүнүн жана социалдык кызматкерлердин чогулушунда бир нече жолу көтөрүлгөн. Мектеп мугалимдерине кенже класстын окуучулары үчүн куурчак театрын уюштуруу сунушталган.

АКШдан келген ыктыярчы Эрик ЛУКМАН менен куурчак театрынын көркөм жетекчиси Азамат КУДАБАЕВ биргелешип, кыргыз тилинде долбоор иштеп чыгышты. Бул долбоор кийин АКШ өкмөтүнүн "Тынчтык корпусу" Көз карандысыз федералдык агенттигинин Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнөн 3650 доллар өлчөмүндө каржылоого ээ болду. Ч.Айтматов атындагы Орус драма театрынын сүрөтчү-дизайнери жана куурчак жасагандар менен биргеликте 10 куурчак персонаждарын даярдоо боюнча келишим түзүлдү. Орто мектептин администрациясы театр үчүн өзүнчө кабинет бөлүп берди. Ал жерде мугалимдердин жардамы менен ремонт жасалды. Айыл өкмөтү элеттик Маданият үйүнүн имаратында ремонт жасоо иштерин уюштурду. Ремонтту элеттик ден соолук комитети, суу пайдалануучулар ассоциациясы, орто мектептин мугалимдери, бала бакчалардын жана фельдшердик-акушердик пункттун кызматкерлери, сүрөтчүлөр жана металл боюнча ширеткичтер, ошондой эле аймак тургундары жасашты. Эгерде айрым бир катышуучулар акчалай жардам берсе, башкалары курулуш материалдарын алып келип беришти, үчүнчүлөрү эмгектенип салым кошушту. Чоң сахнага биринчи жолу чыгуу үчүн даярдыктар жарым жыл жүрүп, түнкү убакыттын, саздын элесин берген, шамалдын, жамгырдын, оттун күйгөнүн, чагылгандын, ошондой эле жаныбарлардын үндөрүн туураган атайын эффекттер жаатында иштер жасалды.

### Натыйжалар

1-июнда – Балдарды коргоо күнүндө ремонттолгон Маданият үйүндө театрдын ачылышы ийгиликтүү өттү. Ачылыш салтанатына 500дөн ашык киши катышты. Алардын ичинде окуучулар, Тору-Айгыр, Сары-Камыш, Кызыл-Өрүк айылдарынын жашоочулары, ошондой эле демөөрчүлөр, мамлекеттик жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү, райондук орто мекемелердин директорлору, райондук билим берүү бөлүмүнүн кызматкерлери жана АКШ өкмөтүнүн "Тынчтык корпусу" Көз карандысыз федералдык агенттигинин Кыргызстандагы өкүлчүлүгү катышты. Ачылыш салтанатынын алкагында "Адамдардын айыбы – жаныбарлардын кайыры" деген аталыштагы пьесанын бет ачары болду.

Долбоорду ишке ашырууга кеткен чыгымдар: куурчактар үчүн материалга – 111 800 сом, дизайнерлердин-куурчак жасоочулардын эмгек акысы –

38 700 сом, транспорт чыгымдары – 7000 сом. Чыгашалардын жалпы суммасы 209 500 сом, же 4872 доллар болгон чакта коомдук салым 52 900 сомду түздү. Театралдык оюнду жалпысынан 900 бала көрө алды (түз бенефициарлар), ал эми кыйыр бенефициарлардын саны 400гө жакын болду.

Долбоордун негизги жетишкендиги – балдарда адабиятка, театрга кызыгуу пайда болду. Театралдык оюндар окууга болгон кызыгууну жаратып, балдардын тили да оңоло баштады. Актерлор балдар болду. Эгерде кадимки жашоодо алар пикирлерин ачык айтуудан, эл алдында сөз сүйлөөдөн тартынып келсе, театрдын ишине аралашкандан тарта аларда өзүнө карата ишеним пайда болду. Театрдагы оюндарга аралашкан балдар бир топ сынактарга жана театралдык конференцияларга катышып, бүт районду кыдырып, башка айылдарда жашаган балдар үчүн көптөгөн пьесаларды коюп беришти. Театр “Манас тили – кыргыз тили” облустук сынакта биринчи орунду ээлеп, бул тууралуу райондук гезитте макала да жарык көрдү.

**Азамат КУДАБАЕВ,**
орто мектепте кыргыз тил мугалими,
айылдык кеңештин депутаты

# Ысык-Көл облусунун Аксуу районундагы Ак-Чий АА

# Ашар ыкмасы менен арыктарды оңдоо



### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Алыскы Ак-Чий аймагында дээрлик төрт миң адам татаал климаттык, экономикалык жана социалдык шарттарда жашайт. Аймактын эли негизинен айыл жана мал чарбачылыгы менен күн көрөт. Ошол эле кезде аймакта жумушсуздук деңгээли жогору, калктын 0,4% гана айыл чарбалык эмес иштер менен камсыздалган. Негизинен булар – мугалимдер жана айыл өкмөтүнүн кызматкерлери. Өз убагында Ак-Чий аймагына 10,3 миң гектар жер берилген, алардын ичинен 4,7 миң гектары – айдоо жерлер. Бирок каралбай калгандыктан аймактагы арыктардын баарына таштанды толуп калып, суу бөлүштүрүүчүлөр жараксыз абалга келген. Бул болсо талааларга сугат суу жеткирүү иштерин татаалдаштырган. Мунун натыйжасында жергиликтүү дыйкандар азап чеккен – алар өзүнүн участокторун – 2,2 миң гектарга жакын жерди сугат суу менен өз маалында камсыздай алган эмес. Натыйжада мындай кырдаал аймактагы социалдык-экономикалык өсүшкө терс таасирин тийгизген.

### Эмнелер жасалды?

Маселенин маанисин эсепке алуу менен “Береке Булак” бирикмесинин төрагасы Н.МАМЫРКАНОВ аймактын бардык жашоочуларын чогултуп, ашар жолу менен арыктарды тазалап, суу алгычтарды оңдоо демилгесин көтөрдү. Аймактын эли бул демилгени колдоп, биргелешкен аракеттер менен жумуштар башталган. Бул максаттарга Ак-Чий айыл өкмөтү 25



миң сом бөлүп, атайын техника менен камсыздады – арыктарды тазалоо үчүн экскаватор берилди. Ал эми жергиликтүү калк ашар жолу менен арыктарды калың камыштардан тазалай баштады жана аларды отун катары аймакта жашаган социалдык жактан аярлуу 23 үй-бүлөгө өткөрүп беришет. Мындан тышкары жергиликтүү тургундар 61,5 миң көлөмүндө акча чогултуп, 152 киши жазгы талаа иштери маалында 11 күн бою Качыбек айылындагы узундугу 2 км болгон "Бүкүр", узундугу 1,5 км болгон "Эски Маевканы", 1,5 км "Недселькин" арыктарын тазалап чыгышты. Натыйжада жергиликтүү калктын ашар жолу менен аткарган иштери 35 миң сомго бааланды.

### Натыйжалар

Масштабдуу аракеттердин жана жумуштардын натыйжасында 770 гектар жер сугат суу менен үзгүлтүксүз камсыздалды. Ал эми узундугу 6 км болгон лотоктун ремонту 50 гектар чарбакты жана 170 гектар айдоо жерин сугат суу менен камсыздады. Жалпысынан узундугу 9 км болгон арыктар тазаланды. Арыктарда кошумча ремонттук иштер аяктагандан кийин аткарылган иштердин сапатын баалоо боюнча топ түзүлөт.

**Б. ИСАЕВ,** АА башчысы
**М. ДОРБАЕВ,** айыл өкмөттүн жооптуу катчысы

# Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Арал АА

# Калктын турмуш шартын жакшыртуу

### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Арал айылдык аймагынын Кош-Дөбө жана Долон айылдарында таза суунун жоктугу актуалдуу көйгөй болуп келген. Долон айылында Советтер Союзу доорунда эле курулган суу түтүк системасы илгери эле иштен чыккан. Ал эми Кош-Дөбө айылында ичүүчү суу менен камсыздоо системасы такыр эле болгон эмес. 2000-жылдардын ортосунда "Таза суу" Долбоорунун колдоосу менен "ЭРБАКО" ТСПЭКБ бул маселени чече алды.

### Эмнелер жасалды?

Бирок айылдарда таза суу көчөдөгү колонка деңгээлинде эле берилип калабы? Эмне үчүн



элет тургундарынын үйлөрүнө шаардагыдай эле муздак жана ысык суу берүүгө болбосун? Жамаат XXI кылым – технологиялардын жана инновациялардын кылымы ар бир үйгө келиш керек, ал эми элеттиктердин турмуш шарты жакшырып, болгондо да абдан жакшырышы керек деп чечти. Элеттик чогулушта "Хабитат Кыргызстан" коомдук кайрымдуулук фондунун ар бир үйдү муздак жана ысык суу менен камсыздоо боюнча долбоорун колдоого алуу керек деген чечим кабыл алынды. 1 119 793 сомго иш-чаралар каржыланды. Ошол иш-чаралардын алкагында калктын 49% үйүнө таза суу өткөрүп берилди. Көпчүлүк жашоочулар электр жылытуучу аспаптарды орнотуп, үйлөрдө ысык жана муздак суу пайда болду. Элеттиктердин жашоо шарты жакшыра түштү. Өзгөчө элеттик аялдардын иши жеңилдеди. Айыл өкмөт аппараты калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, жергиликтүү инвестициялык бирикмесинин экскаватору куур орнотуу үчүн жергиликтүү жашоочулардын үйлөрүндө чуңкур казууга көмөктөштү.

### Натыйжалар

ТСПЭКБ кызматкерлери калкка сантехникалык жабдууларды жана электр жылытуучу аспаптарды жеткиликтүү баада орнотууга жардам беришти. Ар бир үйдө суу өлчөгүчтөр орнотулуп, бул болсо өз кезегинде биллинг системасын жайылтууга көмөктөштү – эми керектөөчүлөр келген дүмүрчөктөрдүн негизинде суу менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү өз убагында төлөп калышты.

Түп районунун "Түп таза суулары" ТСПЭКБ бирикмеси кошуна Жети-Өгүз жана Тоң райондорундагы ТСПЭКБ бирикмелери менен кызматташтык-



та республикалык деңгээлиндеги “КАВС” уюмунун түзүштү. “КАВС” коомунун европалык уюмдар менен кызматташтыгынын натыйжасында адистерди окутуу, күн кубаты менен суу жылыткан коллекторлорду, кургак жемиштерди күн энергиясы менен кургатуу, экологиялык санитардык дааратканаларды орнотуу боюнча адистерди окутуу боюнча долбоорлор ишке ашырылды. Мындан тышкары “Кмп-Ала-Тоо” коомдук уюму менен кызматташтыкта кубатты үнөмдөөчү мештерди орнотуу жана немис технологиясы менен жылуулукту сактоочу үйлөрдү куруу боюнча окуулар өткөрүлдү. Натыйжада 15 жергиликтүү тургун иш менен камсыз болду. Ушундай адистерге суроо-талап башка айылдык аймактарда өсүүдө. Жыйынтыгында электрди үнөмдөгөн мештердин саны да өсүп жатат.

Долбоорду ишке ашыруунун алкагында сууну күндүн нуру менен жылыткан коллекторлор жана энергияны үнөмдөөчү мештер Долон айылындагы К.Үмөталиев атындагы мектепте жана Кош-Дөбө айылындагы фельдшердик-акушердик пунктта орнотулган. Бул демилге элет жергесине заманбап технологияларды тартууга жана аларды пайдаланууга багытталган. Эки айылда тең жети “ЭКОСАН” дааратканасы орнотулган.

### Төл сөз

Саманчы КУРМАНБАЕВ, Кош-Дөбө айылынын тургуну: *“Биздин жашообузга мурда өнүккөн өлкөлөрдө жана ири шаарларда гана көрүүгө болгон жаңы технологиялардын тез кирип жатканына абдан кубанычтабыз”.*

*Касеин СЫДЫКБЕКОВ,* ТСПЭКБ төрагасы

# Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Багыш АА

# Чечим жолунда артыкчылыктуу маселелер

### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Көчөлөрдө жарыктын жоктугуна байланышкан кыйынчылыктар өлкөнүн көпчүлүк аймактарында көйгөйлүү тема. Бул маселе облус жана район борборлорунан алыс жайгашкан жерлерде да, чоң шаарларга жакын турган айылдарда да актуалдуу бойдон кала берүүдө. Тилекке каршы 20 миң калкы бар Багыш айылы да булардан айырмалуу болгон жок. Бул айылда көчөдөгү жарык борбордук Гагарин көчөсүндө гана бар. Жарык берилбегендиктен көчөлөрдү бойлой кышында таң атпай сабакка барган окуучулар да, кечинде жумуштан үйүнө кайтып бараткан айылдыктар да жаракат алышкан. Караңгы көчөлөр жергиликтүү жаштарга жана балдарга бош убактысын көчөдө коопсуз жана пайдалуу өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берген жок.

2012-жылы Багыш айылдык аймагы ЭӨЖӨБОЖ Долбоорунун пилоту болуп калды. Демилгелүү топтор айыл өкмөтү менен биргелешип өткөргөн ЭКБА-иш-чараларынын натыйжасында көчөлөрдө жарыктын жоктугу эң артыкчылыктуу маселе деп табылып, Багыш ААнын биргелешкен аракеттер планына киргизилген. Бирок жергиликтүү бюджетте акча каражаты жетишсиз болгондуктан бул чечим улам кийинкиге калып келген.

### Эмнелер жасалды?

Айылдык аймактын жаш активисттери алакан жайып отура бербестен бул маселени чечүүгө өздөрү да киришти. 2014-жылы орто мектептин 1977-жылкы бүтүрүүчүлөрү демилге көтөрүп, мектепти аяктаганынын 20 жылдыгын белгилөө үчүн чогулган акчаны натыйжалуу сарптап, ошол каражатты Биргелешкен аракеттер планында аныкталган тапшырмалардын бирин ишке ашырууга багыттоону чечишти. Бүтүрүүчүлөрдүн жана демилгелүү топтордун өкүлдөрүнөн турган жумушчу топ түзүлүп, календардык план иштелип чыгып, милдеттер бөлүштүрүлдү. Иш кызыды.

Демилгени ишке ашыруунун жалпы бюджети 237 миң сомду түздү, алардын ичинен 153и –

бүтүрүүчүлөр берген акча, 30 миңи – жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражат. Жергиликтүү жамаат жумушчуларды 20 миң сомго ысык тамак менен камсыздап турду. Ал эми калктын ашар усулу менен эмгек салымы 34 миң сом деп бааланды.

### Натыйжалар

Көчөдө 2 км 750 метр аралыкка электр жарыгы өткөрүлүп, 37 "кобра" лампасы, 4 электр автомат-"пакети", 4 электрди эсептегич орнотулду. Долбоордон түз пайда көргөн бенефициарлардын саны 2 365 адам, кыйыр пайда көргөндөр 200 киши болду.

### Төл сөз

Гулунса АЛЫМОВА, айыл тургуну, беш баланын энеси жана үч неберенин чоң энеси: *"Көчөлөрдү жарыктандыруу иши мага окшогон чоң энелерди кубантты. Анткени кыш мезгилинде эртең менен эки баламды мектепке узатып, кечинде бир неберемди тосуп алчумун. Эми мен алардын коопсуздугу үчүн коркпойм. Көчөлөр караңгы болгондуктан кеч кирери менен дүкөнгө бара албай калчумун. Эми бул маселе да чечилип калды".*

**Эркин МАМБЕТАЛИЕВ,**
айылдык кеңештин депутаты

# Жалал-Абад облусунун Токтогул районундагы Бел-Алды АА

# Айылдагы жаштар сейил багы – эс алуу үчүн ыңгайлуу жер



### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

2012-жылы Бел-Алды аймагындагы Сары-Согот айылында кырсык болгон – машине жолдун боюнда ойноп отурган 7 жаштагы баланы коюп кеткен. Жамаат балдар аянтчасын жана бала бакча ишин уюштуруу маселесин чечүү үчүн бириккен. Анткен менен көптөгөн талкуулардын, жолугушуулардын, чогулуштардын жүрүшүндө аймактын башка максаттуу тобунда – жаштарда да көптөгөн көйгөйлөр жана канааттандырылбай калган керектөөлөр бар болгону аныкталган. Мисалы, Бел-Алды аймагында маданият үйүнүн, спорт залдын, бассейндин же сейил бактын жоктугунан улам бош убакытты өткөрүү үчүн шарттар түзүлгөн эмес. Анткен менен аймакта жылына бир жолу "Мүчөлүү жыл" иш-чарасын өткөрүү салтка айланган. Бул иш-чара түрдүү спорттук таймаштар менен коштолуп, анын жеңүүчүлөрү акчалай байге алышчу. Тилекке каршы мындай иш-чаралардын оң жыйынтыктары көрүнгөн эмес. Анткени көп учурда жеңишин белгилөө үчүн балдар арак ичип алып, анын аягы каламан мушташ менен аяктачу.

### Эмнелер жасалды?

2014-жылдын башында "Аракеттеги жаштар" жаштар кыймылын түзүү үчүн Сары-Согот айылынын жаш активисттеринин алгачкы отуруму өттү. Жаштар учурдун көйгөйлөрүн жана аларды чечүүнүн жолдорун талкуулашты. Мисалы, "Мүчөлүү жылды" өткөрүү салтын уланта берүү, бирок алынган акчалай байгени аймакты өнүктүрүүгө жана айылдын маанилүү маселелерин чечүүгө





колдонууну чечишти. Ошондой эле аймактын жигердүү жаштары жаңы долбоорду ишке ашыруу демилгесин көтөрүп чыгышты – бул Жаштар сейил багы. Бул демилге аймактын ар бир тургунуна бош убактысын көңүлдүү өткөрүп, таза жана көрктүү сейил бакта эс алуу мүмкүнчүлүгүн бермекчи. Жергиликтүү жаштар долбоорду даярдап, аны кезектеги сессияда сунушташты. Долбоорду айыл өкмөтү, айылдык кеңеш жана жергиликтүү калк колдоп, жыйынтыгында эс алуу үчүн сейил бакты түзүүгө 0,40 гектар жер бөлүндү. Бул максатта аймактын тегерегин тосуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 25 миң сом бөлүндү. Ошондой эле Борбор Азиядагы Ханнс Зайдель фондунун жергиликтүү өкүлчүлүгү 33 500 сом бөлдү. Бул долбоордун демилгечилери маалыматтык акция өткөрүштү: кызыкдар адамдарга чакыруу баракчалары жиберилип, маалымат баннерлери илинип, социалдык тармактарда айылда паркты түзүү тууралуу маалымат таратылды.

### Натыйжалары

Мындай масштабдуу маалыматтык акциянын натыйжасында зарыл болгон каражат чогултулуп, 170 көчөт сатып алынып, баасы 10 миң сом болгон дарбазалар орнотулду жана сейил бак Бел-Алды айыл өкмөтүнө муниципалдык менчикке өткөрүлүп берилди. Ушул тапта акциянын уюштуруучулары сейил бакта эс алуучулар үчүн бир нече таштанды урналарын, чырактарды жана отургучтарды орнотуу үчүн кошумча каражат издеп жатышат.

Сейил бак көптөгөн адамдарды бириктирди. Ы.АЛЫМБЕКОВ атындагы жергиликтүү мектептин бүтүрүүчүлөрү, ушул мектептин мугалимдери жана окуучулары, жаштар, балдар жана алардын ата-энелери, аймактын бардык жашоочулары жаш курагына карабастан сейил бакты түзүүгө жана сактоого салым кошууну өз милдетим деп түшүнүштү. Аймактын жашоочусу А.ДОНДОЛОЕВ сейил бакты “Жаштар багы” деп атоону сунуштады. Акция жана аткарылган иштер тууралуу маалымат “Шамшыкал” райондук гезитинде жарыяланды; сүрөттөр социалдык тармактарга жүктөлүп, Орусияда иштеген замандаштардан көптөгөн жакшы пикирлер, ыраазычылык сөздөрү айтылды.

Сейил бакты көрктөндүрүү боюнча иштер Бел-Алды, Коргон жана Сары-Согот айылдарынын бардык жашоочуларынын жана өнөктөштөр – жергиликтүү кеңештин депутаттарынын, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин, Борбор Азиядагы Ханнс Зайдель фондунун жергиликтүү өкүлчүлүгүнүн, аксакалдар сотунун төрагасынын, Токтогул РЭСинин жергиликтүү бөлүмүнүн, Ы.АЛЫМБЕКОВ атындагы мектептин мугалимдеринин, окуучуларынын жана бүтүрүүчүлөрүнүн, Токтогул районунун Токой чарбачылыгынын, “Токтогул жаштары” коомдук бирикмесинин лидерлеринин колдоосу менен 4 айдын ичинде бүткөрүлдү. Түз бенефициарлардын саны 3000 кишиден ашат, кыйыр бенефициарлар андан да көп – сейил бакты көргөндөрдүн жана андан ырахат алгандардын баары.

**Т. ЖАЙЫЛОВ,** АА башчысы
**С. МОМУНАЛИЕВ,** АК депутаты

# Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Бостери АА

# Жакшы жолдор – көптөгөн көйгөйлөрдү чечүүнүн жолу

### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Бостери АА Ысык-Көл облусундагы эң ири аймактардын бири болуп эсептелет. Ал жакта 11 миңден ашуун киши жашайт. Тилекке каршы аймактын борбордук айылы болуп эсептелген жана 6 миңден ашуун киши жашаган Бостеринин ички жолдору өтө начар абалда: тар, таштак, бул болсо жашоочулар жана машине ээлери үчүн бир топ кыйынчылыктарды жаратат. Мисалы, тез жардам унаасы оорулууга жете албай, натыйжада ага өз убагында медициналык жардам көрсөтүлбөй кал-





ган; ата-энелер өз маалында баласын бала бакчага жеткире албай калгандыктан жумушуна кечигишет.

## Эмнелер жасалды?

Бир топ маселелерге бет келген жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү жана жергиликтүү топтун мүчөлөрү демилгени өз колуна алып, жолдорду оңдоо жана тазалоо боюнча иштерди башташты. “Ынтымак” ДТ лидери К.ИСМАИЛОВ ДТ мүчөлөрү, АК депутаттары, АӨ кызматкерлери менен биргеликте ички жолдорду текшерип чыгып, ошол көчөлөрдүн тургундары менен жолугушуп, жолдорду оңдоо боюнча иш планын даярдашты. Бул маселе жергиликтүү жамааттын 7 эң көйгөйлүү маселесин аныктоо үчүн өткөрүлгөн ЭКБА-иш-чараларынын жыйынтыгы боюнча Бостери АӨ биргелешкен аракеттер планына кошулган. Айылдын жашоочулары бул демилгени колдошуп, жардам берүүгө даярдыгын билдиришкен.

## Натыйжалар

Бостери айылында 5 километр жол оңдолду (жолдун бир километри Мамажандын ою жаңы конушунда; 1,7 км Акжолтой көчөсүндө; 2,3 км Байжигит жана Жаштык көчөлөрүндө) жана Бактуу-Долоноту айылында узундугу 1,5 км болгон О.Жолдошев атындагы көчө оңдолду. Мына ушундай ремонттук иш-чаралардын натыйжасында жалпы колдонуудагы жолдордун унаа өтчү бөлүгү кеңейип, жөө жүргүнчүлөрдүн жолду ыңгайлуу кесип өтүүсү үчүн шарттар түзүлдү. “Ынтымак” ДТ мүчөлөрү оңдолуп жаткан жолдорду улам сүрөткө тартып турушту жана ремонттун бардык процессин чагылдырган сүрөттөр АӨ имаратынын маалымат тактасында жарыяланды; жергиликтүү жамааттын элеттик чогулуштарында АӨ башчысы жашоочуларга күнүмдүк жана аткарылып жаткан иштер, бул ремонт канчага турганын айтып берди. Биргелешкен аракеттер планында Бостери АӨ калктын жана жеке инвесторлордун колдоосуна ээ болду. Ал эми эң негизгиси аймактын жашоочуларынын ыңгайы үчүн маселени чечип, калктын ишенимине ээ боло алды.

**Т. АЙЫЛЧИЕВ,** АА башчысы
**Р. ТОКТОБАЕВА,**
“Чайка” маданий борборунун жетекчиси





# Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Жаңы-Жол АА

# Кара-Булуң насос станциясынын курулушу



## Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Жаңы-Жол айылдык аймагы тоолуу жерде жайгашкан жана төрт айылдан турат. Аймактын калкынын саны 6 709 адамга жетет, бул болсо 1 603 үй кожолугу. Аймактын көпчүлүк тургундары мал багып, дан маданиятын өстүрүү менен алектенет.

Жыл сайын ичүүчү суунун жетишсиздиги өзгөчө талаа иштери маалында курч турат. Аймактагы жерлердин жалпы аянты 625 гектарды түзөт, алардын ичинен сугат суу болгону 9 гектар айдоо жерлерине гана жетет. Жыл сайын сугат суунун жетишсиздиги айыл тургундары ортосундагы жаңжалдардын себепчиси болуп келген. Буга байланыштуу мына ушул маселе аймактагы эң артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн катарына кирди.


Кара-Булуң участогундагы аянты 100 гектарга жакын айдоо жерлерине сугат суу жетпеген бойдон калчу. Участоктун чоң аймагын эсепке алганда жашоочулар жыл сайын бул жерлерден ала турган бай түшүмдөн куру калып келишти.

Совхоз иштеп турган жылдары ушул аймактын участогунда суу насосу жакшы иштечү. Бул аймактарды иштетүүдө дыйкандар 1 гектар жерден 60 ц буудай, 90 ц чейин жүгөрү, 300 ц чейин картөшкө жана 200 центнерге чейин тоют алчу. 1994-жылдан тарта насос станциясы кароосуз калып, таланып кетти. Аймактын жашоочулары Кара-Булуң участогун иштетүүдөн күтүлгөн түшүмдүн ордуна сырттан продукция сатып алууга мажбур болду.

## Эмнелер жасалды?

2012-жылдан 2013-жылга чейинки мезгил аралыгында муниципалитеттин аймагында ЭКБА-иш-чараларынын бардык баскычтары уюштурулду жана өткөрүлдү – чогулуштар, айыл өкмөт аппаратынын адистеринин, андан тышкары жергиликтүү депутаттардын катышуусу менен жергиликтүү тургундар арасында жумушчу жолугушуулар. ЭКБА-иш-чараларынын жыйынтыгы боюнча чукул арада










чечүүнү талап кылган жана өзгөчө курч турган 13 көйгөй аныкталды. Алардын ичинде сугат суунун жетишсиздиги да бар эле. Маселени чечүү жана калкты активдештирүү максатында жергиликтүү калктын арасынан демилгелүү топтор түзүлдү. Алардын курамы жергиликтүү кеңештин токтому менен бекитилди.

Жашоочулар алдына максат коюшту – аянты 100 гектар болгон Кара-Булуң участогундагы айдоо жерлерин сугат суу менен камсыздаш керек эле.

Алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн жергиликтүү жамааттарда сакталып калган узундугу 200 метр, диаметри 500 мм болгон суу куурларын оңдоп-түзөө жана иштеген абалга келтирүү, трансформатор жана насос агрегатын орнотуу. Бардык зарыл болгон деталдар, ремонттук иштер изилденип, чогулган маалыматтардын негизинде долбоор иштелип чыкты.

Долбоордук табыштама ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында чакан гранттар сынагына катышууга жиберилди. Сынактык комиссиянын чечими менен долбоор жактырылып, 1 миллион сомго грант түрүндө каржылоого ээ болду. Анткен менен долбоорду жактыргандан кийин аймактын жашоочуларынын алдында башка маселе пайда болду: куурлар дээрлик жыйырма жылдан бери колдонулбагандыктан алардын баары катуу булганып калган. Мындан тышкары насос станциясынын курулушу үчүн жер даярдаш керек болчу. Демилгелүү топтун лидери Марат АКМАТОВ топтун бардык лидерлерин чогултуп, булганган куурларды жашоочулардын күчү менен тазалоону сунуштады. Ошентип куурлар жашоочулардын ар бир тобу үчүн 10 метрден бөлүнүп берилди. Белгилей кетчү жагдай, жумуштарга эркектерден тышкары аялдар жана өспүрүмдөр да катышты. ДТ мүчөлөрү иш планын түзүп, тендер жарыялады, ал эми тендерде утуп чыккан “Авангард” ЖЧК насос станциясын куруп берди.

### Натыйжалар

Бүгүнкү күндө Кара-Булуң участогунан чогулган түшүм бир нече эсеге өстү, жергиликтүү дыйкандарда зарыл болгон түшүмдү өздөрүнөн чогултуп алуу мүмкүнчүлүгү пайда болуп, сырттан продукция сатып алууга акча коротпой калышты.

### Төл сөз

Изираил АРЫКБАЕВ, жергиликтүү тургун: *“Биз негизги максатыбызга жеттик деп эсептейм. Биз станциянын иши үчүн зарыл болгон электр энергиясын баарыбыз төлөйбүз. Аксакал куракка жетип калсам да, куурларды тазалоого катышкандан тартынган жокмун. Ошондуктан мен да күчүмдүн жетишинче коомдук иштерге тартылдым. Ушунча жылдан кийин станция иштеп кетерине көзү жетпегендер да болду. Алар ары да, бери да өтүп, тамаша кеп таштап, кээде шылдыңдап да жатышты. Бактыга жараша эми биз аракеттерибиз текке кетпегенин так билебиз”.*

## Ысык-Көл облусунун Ысык-Ата районундагы Кумбел АА

# Айылда көрүстөндүн тегерегин тосуу

### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Кумбел айылын чыгыш жана батыш тарабынан көрүстөн курчап турат. Бул жерлерге адамдарды өткөн кылымдын 60-жылдарынан тарта көмө башташкан. Көрүстөндү курчап турган дубалдар убакыт өтүп эскирип, урап калды.





Акыркы жылдары алардын саны бир нече эсеге өсүп, Кумбел АӨ тарабынан көз жумган адамды жерге берүү жана көрүстөндү курчап чыгуу үчүн кошумча жер берилген. Тосмо катары айылдын тургундары жаш талдарды отургузууну чечишкен, бирок үй жаныбарлары көпчүлүк көчөттөрдү тебелеп; тегерек четти булгап салган; көрүстөндүн ири бөлүгү каралбаган бойдон кала берүүдө.

## Эмнелер жасалды?

2013-жылдын күз мезгилинде айылдын имамы көрүстөндүн аймагын курчоо зарылчылыгы тууралуу маселени көтөрдү. Айыл старосталары менен кеңешкенден кийин имам менен старосталар ар бир үй кожолугунан 100 сомдон акча чогултууну чечишти; ушул айылда өскөн жаштар борборунун жетекчиси 165 миң сом өлчөмүндө демөөрчүлүк салымын кошту, ушул айылда чоңойгон дагы бир демөөрчү 15 миң сом берди. Аймактын жашоочулары жумуштарды өз күчү менен бүтүрүп, эмгек салымын кошууну чечти. Иштин көлөмү аймактын бардын үй-бүлөлөрүнө тең үлүштө бөлүнүп берилди. Кумбел АӨ жашоочулардын демилгесин колдоп берүүнү чечип, жергиликтүү бюджеттен 230 миң сом бөлүү тууралуу чечим кабыл алды. Бул маселе АК отурумунда каралып, жергиликтүү депутаттардын колдоосуна ээ болду.

## Натыйжалар

Көрүстөндүн тегерегин курчоо боюнча иштер башталып калды. Айыл аксакалдар кеңешинин төрагасы Кубат ЗАКИРОВ жашоочулардын өздөрү ушул демилгени көтөрүп, зарыл болгон каражатты таап, өз күчү менен бүтүрүп жатканы өзгөчө баалуу деп эсептейт.

**К. КУЛЧАЕВ,**
инвестицияларды
тартуу жана АЭС адиси
**М. АРТЫКБАЕВ,** АА башчысы





# Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Липенка АА

# Сугат суу – элеттик дыйкандар үчүн жашоо булагы

### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Липенка АА курамына үч айыл кирет: Липенка, Богатыровка жана Ичке-Булуң. Бул – 958 үй кожолугу же 4685 киши. Жер участокторунун жалпы аянты 5047 гектарды түзөт, анын ичинде 3031 га – бул жеке жер үлүштөрү, 325 га – жеке турак жайлар, 473 га – Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлери. СССР доорунда жер аянттары мөңгүлөрдүн эсебинен, насос станцияларынын жана атайын сугат системасынын жардамы менен сугарылчу. Сугат системасы өз ресурсун иштеп бүтүп, катардан чыкты жана илгери эле жараксыз абалга келген. Сугат суунун жетишсиздигинен жыл сайын адамдар түшүм ала келгенде эле экономикалык жоготууларга байланышкан көйгөйлөрдү башынан өткөрөт.

### Эмнелер жасалды?

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү жамаат маселенин техникалык жактан татаалдыгын, ал көп каражатты жана убакытты талап кыларын түшүнүп, өз күчтөрүн бириктирүүнү чечишти.

2012-жылдан тарта ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен кызматташуунун алкагында айыл өкмөтү ЭКБА усулун колдонуу менен айылдын керектөөлөрүн изилдеп чыкты. Жолугушуулардын жүрүшүндө сугат суунун жетишсиздиги эң курч көйгөй экени аныкталды. Бул маселени чечүү үчүн АК депутаттарынын, АӨ адистеринин жана жергиликтүү жамааттын лидерлеринин катышуусу менен демилгелүү топтор түзүлдү. Көйгөйдү чечүү боюнча биргелешкен аракеттер планы иштелип чыгып, аны АК депутаттары бекитти. Планды ишке ашыруунун алкагында түрдүү иш-чаралар өткөрүлүп турат. Мисалы, таштанды толуп калганынан улам бүтөлүп калган сугат системасын тазалоо максатында ишембиликтер уюштурулат. Б.СУЛАЙМАНОВ башында турган АӨ аппараты маселени чечүүдө каржылык жактан жардам бере алчу донордук уюмдарды жигердүү издеди. Ошондой өтүнүчтөрдүн бири Эл аралык кызматташтык боюнча АКШ агенттигинин программасына да жолдонгон. Агенттик сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө “Самат-Көл” жана “Кара-Көл” аттуу эки насос станциясынын курулушун каржылоого макулдугун берген.

Сугат системасын калыбына келтирүү боюнча иштер акыркы үч жылдан бери уланып келатат. Жарандардын жана ЖӨБ органдарынын жазуу жүзүндөгү жана оозеки кайрылууларынын негизинде “Садовая” насос станциясынын курулушуна облустук өнүктүрүү фондунан 2 млн. 700 миң сом бөлүнгөн. “ГЭС” насос станциясынын курулушу жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен 10 млн. сомго каржыланды. Калк да күчүн мобилдештире алды: арык түйүнү тазаланып, калыбына келтирилди. Калктын эмгек салымы 300 миң сомго бааланды.

### Натыйжасы

Долбоордун жалпы бюджети 17 млн. 300 миң сомду түздү. 5 насос станциясы курулуп, сугат системасын жана ички чарба каналдарын, үзгүлтүксүз жөнгө салуу бассейндер (ҮЖБ) системасын калыбына келтирүү боюнча иштер жасалды. Натыйжада 2000 гектар жер сугат суу менен камсыздалды. Бенефициарлар: түз пайда көргөндөр – 800 үй кожолугу, кыйыр пайда тапкандар – 958 үй кожолугу.







### Төл сөз

Болот СУЛАЙМАНОВ, АӨ башчысы: *“Биз сугат жерлердин аянтын көбөйтө алдык, колдонулбаган жерлерди айыл чарбалык жүгүртүүгө кайтардык. Бул болсо калктын кирешесинин өсүшүнө жана айыл чарбалык жоготууларды азайтууга алып келди. Бирок эң башкы жыйынтык – маселени чечүүдө калктын биримдиги, жашоочулардын жигердүүлүгү жана калкты жергиликтүү маанидеги маселелерди иш жүзүндө чечүүгө тартуу”*.

**Жылдыз РАХМАНОВА,**
айыл өкмөтүнүн иш өндүрүшчүсү

# Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Улахол АА

# Кара-Суу айылындагы көпүрөнүн ремонту



### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Кара-Суу айылындагы Садыбакас көчөсүнүн дээрлик бардык тургундары, бул демек 1000ге жакын киши, анын ичинде 300 пенсионер жана 150 бала, көп жылдардан бери Кара-Суу арыгын ким кантип өтө алса, ошентип өтүп келген. Айылдын айрым тургундары арыкты бир күндө бир нече жолу өтүүгө мажбур болчу. Анткени жумушка, мектепке, почтага жана чоң жолго жетүү үчүн ушул жерден өтүү керек. Адатта арыктан тактайлардын жардамы менен өтүшөт, бирок караңгыда, өзгөчө суук, жаанчыл мезгилде жана кышында бул ден соолук үчүн коопту жана абдан ыңгайсыздыкты жаратат.

### Эмнелер жасалды?

Демилгелүү топ “АГВ-Алтын-Булак” БӨУ, Аялдар тобунун ассоциациясы жана жергиликтүү кеңештин депутаты Руслан ТОКТОБЕКОВ менен биргеликте Садыбакас көчөсүнүн жашоочулары менен бир катар жолугушууларды өткөрүштү. Ал жолугушууда арык аркылуу өтүү маселеси баарын тынчсыздандырары маалым болду. Ошондон кийин көпүрө куруу тууралуу чечим кабыл алынды.

Демилгелүү топ көчөнүн тургундарынан 2000 сом акча каражатын чогултуу иштерин уюштурду. “АГВ-Алтын-Булак” 1000 сом берди, АӨ аппараты тарабынан 3000 сом бөлүндү. Чогулган каражатка бир катар калыбына келтирүүчү иш-чаралар өткөрүлдү: курулуш материалдары сатып алынды, көпүрө үчүн бетондон тумба, тракторго күйүүчү май куюлду. Ал арыктын жээктерин теңдеп, бетондон куюлган тумбаларды орнотту. Көпүрөнүн курулушу боюнча алдын ала иш-чаралардын жалпы бюджети 6000 сомду түздү, донорлор жана башка тышкы булактар тартылган жок. Ошентип жамаат маселени чечүүгө өз алдынча киришти, бирок долбоорду соңуна чыгарууга күч азырынча жетпей турат. Бетон плиталарын сатып алууга, бетон тумбаларына бетондон плитаны жүктөө, жеткирүү, түшүрүү жана монтаждоо үчүн крандын жана жүк ташуучу унаанын кызмат көрсөтүүсү үчүн акы төлөөгө каражат зарыл.

### Төл сөз

КАНАТБЕК кызы Жайнагүл, Садыбакас көчөсүнүн жашоочусу: *“Көпүрөнүн курулушу – бул көчөнүн жашоочулары, өзгөчө окуучулар жана кары-картаңдар үчүн өтө маанилүү окуя. Анткени кыш мезгилинде арыктын үстү муз болуп калганда ал жерден өтүү өтө кооптуу. Чогулуштар маалында жана артыкчылыктуу маселеге добуш берип жатканда мен эч ойлонбостон өз добушумду көпүрөнүн курулушу үчүн бердим! Эми биз долбоорубузду бүтүрө алабыз деп үмтөтөм”*.

**Гүлнара ЖУСУБАКУНОВА,**
орто мектептин мугалими